2(03)
М-12

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР

Терминология комиссиясы
Терминологическая комиссия

Ә. МААНАЕВ

# АТЕИЗМ БОЮНЧА ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

(ДОЛБООР)

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ ПО АТЕИЗМУ

(ПРОЕКТ)

ИЗДАТЕЛЬСТВО «ИЛИМ»
Фрунзе 1969

Кырг 661238
2(03)
М-12
Маанаев. Э.
Атеизм боюнча
терминдердин
...орусча

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР

Терминология комиссиясы
Терминологическая комиссия

Э. МААНАЕВ

# АТЕИЗМ БОЮНЧА ТЕРМИНДЕРДИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

(ДОЛБООР)

# РУССКО-КИРГИЗСКИЙ ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКИЙ СЛОВАРЬ ПО АТЕИЗМУ

(ПРОЕКТ)

ИЗДАТЕЛЬСТВО «ИЛИМ»
Фрунзе 1969

03)
-12

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын
Терминология Комиссиясынын чечими боюнча басылды

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасы
661238

Адис редактор: *Б. Аманалиев,* тилчи—редакторлор: *Б. Орузбаева, Т. Дуйшеналиева.*

## КИРИШ СӨЗ

Бул сөздүк пропагандист-атеисттер, илимий кызматкерлер, мугалимдер, студенттер жана атеизм проблемасына кызыккандар үчүн жардамчы курал катары түзүлдү.

«Сөздүккө» атеизмдин теориясы жана тарыхы, диндик догматтар, чиркөөлүк, секталык ырым-жырымдар, кеңири колдонулган ар кандай диний түшүнүктөгү терминдер алынып, аларга түшүндүрмө берилди.

Бул эмгек кыргыз тилиндеги атеисттик терминдерди системалаштыруунун жана аларга түшүнүк берүүнүн биринчи аракети—долбоор катары даярдалды.

Сөздүктү түзүүдө төмөнкү эмгектер жана адабияттар пайдаланылды: «Илимий атеизмдин негизи» 1962-ж., «Дин жана илим жөнүндө аңгемелешүү» 1967-ж., «Атеизм боюнча кеңири таралган лекциялар» 1965-ж., «Динге ишенгендерге жооп» 1962-ж., «Философиялык сөздүк» 1963-ж., «Мифологиялык сөздүк» 1965-ж., «Илимий атеисттик кыскача сөздүк» 1964-ж., «Атеисттик сөздүк» 1966-ж., «Орусча-кыргызча сөздүк» 1957-ж. *ж. б.*

Сөздүк төмөнкү негизде иштелди:

а) СССР элдеринин тилдеринде бирдей колдонулуп жүргөн чет өлкөлүк жана орус тилиндеги терминдер ошол бойдон алынып, аларга кыскача түшүнүк берилди. М.: **атеизм** — атеизм (кудайды, динди тануучу материалисттик, илимий жактан негизделген көз караштардын системасы);

б) кыргызча которууга мүмкүн болгон терминдер анын кыргызча эквиваленти менен алмаштырылды. М.: **дервиш — дубана, кайырчы;**

в) эгерде бир эле термин бир нече мааниге ээ болсо, ал маанилер да кыргызча түшүндүрүлдү; м.: **экзарх—экзарх.** 1. Байыркы Грециядагы храмдарда турууучу жрецтердин башчысы. 2. Византия империясындагы областтык башкаруучу жана областка таандык чиркөөлөрдү башкаруучу епископ. 3. Азыркы православие дининдеги округдук чиркөөлөрдүн башчысы; м.: *Украинадагы экзарх.*

«Сөздүктүн» мазмунуна байланыштуу сунуштарыңыздарды жана пикирлериңиздерди төмөнкү адрес боюнча жиберүүңүздөрдү сурайбыз: Фрунзе шаары, XXII партсъезд көчөсү, 265а үй.

*Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Терминология комиссиясы.*



## ПРЕДИСЛОВИЕ

Данный словарь издается с целью оказания помощи пропагандистам-атеистам, научным работникам, преподавателям, студентам и широким слоям читателей, интересующимся проблемами атеизма.

В словаре дается объяснение наиболее употребительных терминов, связанных с теорией и историей атеизма, религиозной догматикой и обрядами современных и прошлых церквей и сект, религиозными понятиями и т. д.

Данная работа является первой попыткой систематизации и толкования терминов по атеизму на киргизском языке и поэтому печатается в виде проекта.

При отборе терминов использованы такие учебники и пособия, как «Спутник атеиста» 1961 г., «Основы научного атеизма» 1962 г., «Беседы о религии и знании» 1967 г., «Популярные лекции по атеизму» 1969 г., «Ответы верующим» 1962 г., «Философский словарь» 1963 г., «Мифологический словарь» 1965 г., «Краткий научно-атеистический словарь» 1964 г., «Словарь атеиста» 1966 г., «Русско-киргизский словарь» 1957 г. и др.

Словарь составлен на основе следующих принципов:

а) иностранные и русские термины, употребляемые одинаково на всех языках народов СССР, приводятся в словаре без изменений и им даны краткие толкования на киргизском языке. Например: **атеизм—атеизм** (система материалистических, научно обоснованных взглядов, отвергающих веру в бога, в сверхестественные силы и вообще всякую религию);

б) термины, которые имеют полноценные киргизские эквиваленты, заменены последними. Например: *дервиш—дубана, кайырчы;*

в) один и тот же термин иногда употребляется для выражения нескольких понятий. В таких случаях после соответствующего перевода на киргизском языке объясняются его значения. Например: *экзарх—экзарх* (1. В древней Греции: глава жрецов, состоящих при храме. 2. В Византийской империи: правитель области, а также епископ, управляющий церковью в области. 3. В современном православии: глава церковного округа; например: экзарх Украины).

Все замечания и пожелания просим направлять по адресу: г. Фрунзе, ул. XXII партсъезда, 265а, Термином.

## А

ААРОНО'ВЦЫ **аарончулар** (XVIII к. Архангельск губерниясында пайда болгон эски ырым-жырымды колдогон диний агым).

АББА'Т **аббат** (1. католик диниидегилердин монастырында иштеген же аны башкарган адамдын титулу; 2. монастырда иштебеген, бирок диний жөрөлгөлөрдү колдогон, поп болууга даярданган адам).

АББА'ТСТВО **аббаттык** (орто кылымда католик монастырлары ээлеген феодалдык чарба, жер).

АБРАМИ'ТЫ **абрамиттер** (XVIII к. Богемияда пайда болгон христиан диниидеги секта. Бул сектаны колдогондор өздөрүн «байыркы Авраам динин» улантуучуларбыз деп эсептешкен).

АВАТА'РА **аватара** (биздин эрага чейинки VI—IV к. индуизм диниидеги байыркы индиялыктардын диний ырым-жырымы).

АВГУ'РЫ **авгурлар** (Байыркы Римдеги жрецтердин канаттуулардын учушу же үнү аркылуу окуяларды алдын ала билүүгө болот деген диний үгүттөрү).

АВГУСТИ'НЦЫ **августинчилер** (1243-ж. италиялык бир кыйла бытыранды монахтык уюмдардын биригиши аркылуу пайда болгон католиктик орден, уюм).

АВДИЯ'НЕ **авдийчилер** (Месопотамияда IV к. пайда болгон байыркы христиан диниидеги секталардын бир түрү).

АВРО'РА **аврора** (Рим мифологиясында күндүзгү же таңкы жарыктын кудайы).

АВТОКЕФА'ЛИЯ **автокефалия** (византиялык православие дининде жергиликтүү чиркөөлөрдүн жогорку патриархка же жалпы эле диндик кызматкерлердин императорго баш ийбеген процесси).

АВТОНО'МИЯ ЦЕРКО'ВНАЯ **чиркөө автономиясы** (чиркөөлөрдүн өзүн-өзү башкарууга ээ болгон укугу).

АГА'ПЫ **агаптар** (алгачкы христиан общинасында уюштурулган «кечки-сүйүү» деп аталган диндик мүнөздөгү кече).

АГА'-ХАН **ага-хан** (мусулман диниидегилердин, исмаилиттердин же индиядагы диндик башкаруучулардын мурастан-мураска калтырылуучу титулу, наамы).

АГЕ'НДА **агенда** (протестанттардын бала төрөлгөндө пайдалануучу диний китепчеси).

АГИОГРА'ФИЯ **агиография** (диндик кызматкерлердин турмушун жана ар кандай чечимдерин жазып калтырган чиркөө китепчеси).



А'ГНЕЦ (ягненок) **агнец** (козу) (христиандар Христосту козуга теңештирет. Миф боюнча, «пасха» майрамына байыркы еврейлердин курман чалган жандыгы козу болгон. Христос алгачкы күнөөлүүлөр үчүн өзүн берген деп эсептешет).

А'ГНИ **агни** (Вед урууларынын байыркы дин кудайы).

АГНОЭ'ТЫ **агноэттер** (IV к. александриялык дьяк-Фемис тарабынан негизделген христиан сектасынын бир түрү).

АГРА'РНЫЕ КУ'ЛЬТЫ **агрардык культтар** (чарбачылыгы (дыйканчылыкка) байланышкан калктардын (түндүк америкалык индейцтер ж. б.) чарбачылыкка сыйынган диний жөрөлгөсү).

АД **тозок**

АДА'М **адам** (1. байыркы еврейлердин түшүнүгү боюнча «кызыл жер»; 2. диндик китеп (библия) боюнча, жердин күйгөн күлүнөн кудай тарабынан жууруулуп жаралган «биринчи киши» адам ата).

АДАМА'НТОВЫ **адамантчылар** (эски диндик көз караштты бекем сактаган агымдын өкүлдөрү).

АДАМИ'ТЫ **адамиттер** (табориттердин диндик солчул сектасынын бир түрү. Бул сыяктуу секта XIV—XV к. Болгария, Чехия, Моравия ж. б. мамлекеттерде тараган).

АДА'Т **адат** (ислам дини тараган өлкөлөрдөгү диндик традициянын негизинде башкаруучу же ар кандай иштерди жүргүзүүчү укук, салт).

АДВЕНТИ'СТЫ **адвентисттер** (ааламды экинчи жолу жаратуу үчүн Христостун дагы бир келишин эңсеген христиан сектасындагы диний топ. Бул топ XIX к. 30-ж. Америка Кошмо Штаттарында У. Миллер тарабынан негизделген).

АДВЕНТИ'СТЫ В СССР **СССРдеги адвентисттер** (Россияда адвентисттер XIX к. аягында пайда болуп, бул диндик агымга немецтик колониалисттер жана түштүк губерниялардын дыйкандары кеңири тартылган. Кийинчерээк бул агымга шаардын майда буржуазиялык катмарлары тартылып аларды «субботниктер» — деп аташкан).

АДО'НИ'С **адонис** (финикийлердин өсүмдүк кудайы).

АЗА'Н **азан** (*арабча:* 1. кулактандыруу, чакыруу; 2. мусулман диниидегилерди милдеттүү түрдө беш убак намаз окууга чакыруу).

АЗА'НЧИ **азанчы** (азан чакырган кенже диний кызматкер).

А'ЗХАР-АЛЬ **азхар-аль** (Каирдеги XIX к. чейинки диндик-юристтик мектеп. Бул мектеп XIII к. тартып мусулман диниидегилердин ири окуу жайы болгон. XIX к. тартып университетке айланган).

АКАДЕ'МИЯ ДУХО'ВНАЯ **дин академиясы** (христиан чиркөөсүнүн жогорку дин кызматкерлерин даярдап чыгаруучу жогорку окуу жайы).

АКАДЕ'МИЯ НАУ'К ПА'ПСКАЯ **папалык илимдер академиясы** (1603-ж. Римде, «Академия Линчен» деген ат менен ачылган; 1936-ж. папа Пий XI академияны кайра куруу менен азыркы атка которгон).

АКИ'ДА **акида** (мусулман догмаларынын бир түрү).

АКИ'КА **акика** (мусулмандардын баланын чачын биринчи алганда өткөрүлүүчү ырым-жырымы, курмандыгы).

АЛАВИ'ТЫ алавиттер (Сириядагы жана Түштүк Турциядагы мусулмандардын шиит сектасынын жолун жолдоочулар. «Алавит» — араб халифаты Алинин ысмына байланыштуу).

АЛИ'-ИЛА'ХИ али-илахи (XVII к. акыры, XVIII к. башында пайда болгон ислам дининдеги шииттердин бир диний сектасы. Бул тармак бөлөк ислам диниидегилерден айырмаланып, «орозо» кармоону 30 күнгө созбостон, 3 күн кармоону үгүттөшкөн).

АЛЛА'Х алла (мусулмандардын кудайы).

АЛЛИЛУ'ЙЯ аллилуйя (христиан дининдегилердин кудайды мактап ырдоодогу өзүнчө кайырма).

АЛТА'РЬ алтарь (христиан же православие чиркөөлөрүндөгү сол же чыгыш тараптагы атайы бөлүнгөн жай).

АЛЬБИГО'ЙЦЫ альбигойчулар (Түштүк Францияда XII к. пайда болгон дыйкандар жана плебейлер түзгөн диндик мүнөздөгү секта).

АМАЛЬРИКА'НЕ амальрикандар (Францияда XII к. аягы, XIII-к башында пайда болгон диндик мүнөздөгү коомдук кыймыл).

АМАТЭРА'СУ аматэрасу (япондуктардын Күн кудайы).

АМВО'Н амвон (христиан храмында библия окулуучу секиче жай).

АМИ'НЬ оомийин (чокунганда же бир нерсеге диний ишарат кылганда «чындык» деген маанини берүүчү аякки сөз).

АМО'Н амон (байыркы Египеттин түшүм кудайы).

АМУЛЕ'Т тумар (ар кандай кырсыктан, оорудан ж. б. сактоо маанисинде жанга алып жүрүүчү «ыйык» нерсе буюм).

АНАБАПТИ'СТЫ анабаптисттер (XVI к. Германияда пайда болгон секта. Бул сектадагылар чиркөөлүк иерархияны жокко чыгарууну жана реформация жүргүзүүнү, ал аркылуу таптык кайра курууну теңдикти, «адилеттүү» падыша бийлигин орнотууну көздөшкөн).

АНАЛА'В аналав (монахтар көкүрөгүнө тагынуучу ак жана кара түстөгү төрт бурчтуу жоолук).

АНАЛО'Й аналой (чиркөөлөрдө диндик китеп окулуучу атайы жасалган бийик такта).

АНА'Т анат (байыркы финикиялыктардын түшүм жана сүйүү кудайы).

АНА'ФЕМА анафема (чиркөө тарабынан «күнөөлүү» болгондорду каргап, динден четтетип куугунтуктоо асемдери).

А'НГЕЛЫ периште (иудаизм, христиан, ислам ж. б. дининдегилердин түшүнүгү боюнча кудай менен кишилердин ортосундагы бул же тигил окуя жөнүндө белги берип, кабарлап туруучу «чымын» периште).

АНГЛИКА'НСКАЯ ЦЕ'РКОВЬ англикан чиркөөсү (реформация) кайра куруу учурунда Англияда пайда болгон мамлекеттик чиркөө).

АНГЛОКАТОЛИЦИ'ЗМ англокатолицизм (Англиядагы англикан чиркөөсүнөн бөлүнүп чыккан диний агым).

АНИМИ'ЗМ анимизм (бардык нерселерди, көрүнүштөрдү сыйкырдуу, жандуу деп эсептөөчү түшүнүк).

АНИ'СИМОВЦЫ анисимовчулар (христиан дининин бир сектасы).



АННА'ТЫ аннаттар (Рим епископу куриялар, аббаттар ж. б. калктан чогултуп алуучу диндик налог).

АНТИДИКОМАРИА'НЕ дикомариандарга каршылар (II—III к. христиан дининин бир тармагы).

АНТИКЛЕРИКАЛИ'ЗМ антиклерикализм (чиркөөлөрдүн, диндик кызматкерлердин коомдук-маданий турмуштан жасаган кысымына каршы багытталган күрөштүн бир формасы).

АНТИМИ'НС антиминс (Иисус Христтин табыттагы сүрөтү түшүрүлгөн жоолук).

АНТИПА'ПА папага каршы (Орто кылымдагы чиркөө кызматкерлердин папага каршы ар түрдүү жүргүзгөн күрөшү).

АНТИРЕЛИГИО'ЗНАЯ ПРОПАГА'НДА динге каршы пропаганда

АНТИТА'КТЫ антитактылар (II к. христиан дининдегилердин арасынан чыккан алгачкы еретиктер).

АНТИТРИНИТАРИ'ЗМ антитринитаризм (II—III к. пайда болгон христиан дининен чыккан секталар).

АНТИ'ХРИСТ антихрист (христиан дининде Иисус Христтин эң башкы жана акыркы душманы, ал «акыр заман» болор алдында келет имиш).

АНТРОПОЦЕНТРИ'ЗМ антропоцентризм (илимий негиздерге каршы турган, дүйнөнүн жана адамдын жаралышын диндик маанide үйрөткөн илим, окуу).

А'НУ ану (байыркы вавилондуктардын, ассириялыктардын жана шумерлердин асман кудайы).

АНУ'БИС анубис (байыркы египеттик миф боюнча адамды өлтүрүү жана аларды катыруунун (бальзамдоо) кудайы).

АПОКА'ЛИПСИСТЫ апокалипсисттер (1923—24-ж. Винница областында пайда болгон православие дининин сектасы).

АПО'КРИФЫ апокрифтер (алгачкы христиан жана иудейлердин диндик формада жазылган чыгармасы).

АПОЛЛО'Н Аполлон (грек мифологиясындагы Зевс жана Латонун баласы. Буга байыркы гректер, кийинчерээк римдиктер сыйынышкан).

АПОЛОГЕ'ТЫ апологеттер (II—III к. христиан дининдеги жазуучулар).

АПО'СТОЛ апостол (1. грекче «элчи»; 2. диндин ар кандай жол-жоболорун элге түшүндүрүү үчүн эл кыдырган христиандардын дин кызматкерлери).

АПО'СТОЛЬСКИЕ БРА'ТЬЯ, АПО'СТОЛИКИ апостолдук туугандар апостоликтер (XIII к. 2-жарымы менен XIV к. башында түндүк Италиядагы дыйкан-плебейлердин кыймылынын натыйжасында түзүлгөн диний секта. Бул кыймыл феодалдык жана католиктик чиркөөлөрдүн эзүүсүнө каршы багытталып, тең укукту түзүүнү, жеке менчикти жоюуну үгүттөгөн).

АРАВИА'НЕ аравиячылар (III к. Аравияда пайда болгон христиандардын сектасы).

АРВА'ЛЬСКИЕ БРА'ТЬЯ **арвалдык туугандар** (байыркы Римдеги жрецтердин диндик мүнөздө түзүлгөн 12 адамдан турган коллегиясы).

АРЕ'С, АРЕ'Й **арес, арей** (байыркы гректердин согуш жана жеңиш кудайы).

АРИА'НСТВО **арианчылык** (христиан дининдеги александриялык пресвитер — Арийнын атынан келип чыккан диндик агым).

АРМАГЕДДО'Н **армагеддон** (Христти жактоочулар менен Христке каршы тарaптагылардын ортосунда акыркы жолку согуш, кээ бир диндик секталар «армагеддондук салгылашуу» деп аташкан).

АРМИНИА'НСТВО **арминиячылык** (XVII к. Нидерландиядагы жаңыдан өсүп келе жаткан голландиялык буржуазиянын кызыкчылыгын көздөгөн кальвинисттик агым. Ал голландиялык такыба Якоб Армининын атынан келип чыккан).

«А'РМИЯ СПАСЕ'НИЯ» **«куткаруучулар армиясы»** (1865-ж. Англиядагы дин таратуучу У. Бутсо тарабынан уюштурулган реакциячыл диний уюм).

АРМЯ'НО-ГРИГОРИА'НСКАЯ ЦЕ'РКОВЬ **армян-григорий чиркөөсү** (VI—VII к. пайда болгон байыркы христиан чиркөөлөрүнүн бири. Анын негиздөөчүсү — Григорий Просветитель).

АРТЕМИ'ДА **Артемида** (байыркы Грециядагы Зевстин кызы, Аполлондун карындашы).

АРТЕМОНИА'НЕ **артемониане** (христиан дининин секталарынын III к. пайда болгон алгачкы бири).

АРТО'С **артос** (диндик майрамга карата бышырылган кызыл нан, аны майда бөлүкчөлөргө бөлүп, майрамга катышкандарга беришет).

АРХА'НГЕЛ **архангел** (христиан мифологиясында адамды ар кандай кырсыктан сактоочу периште).

АРХА'Т **архат** (буддизм дининде динге берилген «ыйык адам»).

АРХЕОЛО'ГИЯ БИБЛЕ'ЙСКАЯ **библиялык археология** (байыркы еврейлердин чыгышын изилдөөнү көздөгөн илимге жат диндик мүнөздөгү окуу).

АРХЕОЛО'ГИЯ ЦЕРКО'ВНАЯ **чиркөөлүк археология** (археологиянын негизинде, христиандык чиркөөнүн чыгышын изилдөөгө аракеттенген илимге жат диндик окуу).

АРХИЕПИ'СКОП КЕНТЕРБЕРИ'ЙСКИЙ **кентерберий архиепископу** (Англиядагы англикан чиркөөлөрүнүн башкы епископу).

АРХИЕРЕ'Й **архиерей** (диндик кызматкерлердин епископ, архиепископ, митрополит, патриарх ж. б. аты).

АРХИМАНДРИ'Т **архимандрит** (православие чиркөөлөрүндөгү епископтон ылдый турган кызматтык чин).

«А'РЬЯ САМА'ДЖ» **«арья самадж»** (XI к. 2-жарымындагы индуизм динине байланыштуу чыккан буржуазиялык кайра куруу кыймылы).

АРХО'НТИКИ **архонтиктер** (IV к. Палестина жана Арменияда пайда болгон христиан секталарынын бир түрү).



АСКЕТИ'ЗМ **аскетизм** (1. элден, дүйнөдөн, турмуштун жыргалынан безип жалгыз тиричилик кылуу, такыбалык; 2. турмуш жыргалчылыктарынан баш тартып түнт жашоочу адам).

АСКЛЕ'ПИЙ **асклепий** (байыркы гректердин ооруган адамдарды айыктыруучу кудайы).

АСМОДЕ'Й **асмодей** (библия боюнча айтылуучу жин-пери).

АСОРА'Т **асорат** (мусулмандардын диндик маанидеги китеби).

АССАСИ'НЫ **ассасиндер** (XI к. Иранда исмаилиттер тарабынан уюшулган, диндик мүнөздөгү террористтик-феодалдык жашыруун орден).

АСТА'РТА **астарта** (байыркы Финикияда—өсүмдүктүн, сүйүүнүн жана Айдын кудайы).

АСТРА'ЛЬНЫЕ КУ'ЛЬТЫ **астралдык сыйынуу** (байыркы ассириялыктардын, вавилондуктардын, египеттиктердин, финикиялыктардын жана арабдардын Асманга сыйынуудагы диндик мүнөздөгү жөрөлгөлөрү).

АСТРОЛО'ГИЯ **астрология** (асмандагы жылдыздардын орун алышына жараша бул же тигил көрүнүштөрдүн болушун алдын ала түшүндүрүүгө аракет кылган жалган окуу. М.: *Италияда 10 миңге жакын; АКШда 5 миңге жакын астрологдор бар*).

АСТРОНО'МИЯ **астрономия** (ааламдагы планеталардын жана жылдыздардын түзүлүшүн жана өзгөрүшүн изилдөөчү илим).

АТЕИ'ЗМ **атеизм** (кудайды, динди тануучу агым).

АТЕИ'СТ **атеист** (атеизмди жактоочу адам).

А'ТМАН **атман** (брахманизм жана индуизм диндерине негизделген идеалисттик окуу).

АТОМИ'ЗМ **атомизм** (материя өтө майда, бөлүнбөгөн, бирок кыймылдап туруучу бөлүктөрдөн турат деген байыркы материалисттик окуу).

АТОМИ'СТИКА **атомистика, к. атомизм.**

А'ТТИС **аттис** (байыркы Греция, Римдеги жана Кичи Азиядагы айрым калктардын жаз жана өсүмдүк кудайы).

АФРОДИ'ТА **Афродита** (байыркы гректерде сүйүүнүн жана сулуулуктун кудайы).

АХЛЬ АЛЬ-ХА-ДИС **ахль аль-хадис** (мусулмандардын суннит дини тараптагылары).

АХМАДИ'ЙЯ **ахмадийя** (XIX к. 80-ж. Индиянын Пенджаб аймагында пайда болгон мусулмандар сектасы).

АХУ'Н, АХУ'НД **ахун, ахунд** (мечиттерде иштеген адамдардын кызмат наамы).

АХУРАМА'ЗДА **ахурамазда** (зороастризм жана маздеизм диний түшүнүгүндөгүлөрдүн чоң кудайы).

АШШУ'Р **ашшур** (байыркы ассириялыктардын башкы кудайы. Ал падышаларды ар кандай кырсыктан сактап, согушта жеңишке алып келет деген миф).

АЯ'Т **аят** (курандын ар бир сүрөөсүнүн бөлүктөрү).

## Б

БА ба (байыркы Египетте киши өлгөндөн кийин анын жаны канаттуу куш сыяктуу учуп кетет — деген диний түшүнүк).

БАБИЗМ бабизм (XIX к. 40-50-ж. Иранда эл массаларынын феодалдык эзүүгө, жеке бийликке негизделген Шахтын эзүүсүнө жана чет өлкөлүк капиталдардын эзүүсүнө каршы күрөшүүнүн натыйжасында келип чыккан саясий кыймыл жана ага байланыштуу сектанттык окуу).

БАБУШКИНО' СОГЛА'СИЕ кемпирлер келишими (XVIII к. пайда болгон, жаңы туулган балдарды чиркөөдө эмес, киндик энесиникинде чокундуруу жөрөлгөлөрүн сактаган диндик секта).

БАЗИЛИА'НЕ базилиандар (XV к. Византияда, кийинчерээк түштүк Италияда таралган католик дининдеги орден).

БА'ЛЬДР, БА'ЛЬДЕР бальдр, бальдер (байыркы англо-саксония урууларынын мифологиясы боюнча жаздын жана Күндүн кудайы).

БАНЬО'ЛЦЫ баньолчулар (XVIII к. пайда болгон христиандык секта).

БАПТИ'ЗМ баптизм (христиан секталарынын группасы. Грекче «сууга чөмүлүү» деген маанидеги сөз, б. а. христиандарды биринчи жолу сууга чөмүлтүү аркылуу чокундуруусу).

БАПТИ'СТЫ ЧИ'СТЫЕ таза баптисттер (СССР деги баптист уюмдарынын бир тобу).

БЕГГА'РДЫ беггарддар (XIII к. христиандардын орто кылымда Нидерландия, Франция, Италия жана Ирландияда таралган секталы).

БЕГЛОПОПО'ВЩИНА беглоповщина (XVII к. аягында пайда болуп, эски ырым-жырымды сактаган диндик мүнөздөгү уюм).

БЕГУ'НСКИЙ ТОЛК бегундук тармак (XVIII к. аягында пайда болуп, эски ырым-жырымды колдогон диндик мүнөздөгү агым).

БЕ'ЙЛИСА ДЕ'ЛО бейлистин иши (падышачылык бийлик жана православиелик чиркөө тарабынан 1913-ж. Киевде Менди Бейлистин үстүнөн христиан динииндеги баланы диндик жөрөлгө үчүн өлтүргөн деп жалган күнөө уюштурулган сот процесси).

БЕКТАШИ' бекташтар (Түркияда пайда болгон дервиштер орденинин мүчөлөрү).

БЕЛЛО'НА беллона (байыркы италиялыктардын согуш кудайы).

БЕЛОВО'ДСКАЯ ИЕРА'РХИЯ, СЛАВЯ'НО-БЕЛОВО'ДСКАЯ ИЕРА'РХИЯ беловод иерархиясы, славян-беловод иерархиясы (XIX к. 70-ж. беловоддук архиепископ Антон Пикульский тарабынан негизделген чиркөө).

БЕЛОКРИНИ'ЦКАЯ ИЕРА'РХИЯ Белая криница иерархиясы (Австриянын Буковина провинциясынын Белая криница райондорунда пайда болгон эски диндик ырым-жырымды колдогон чиркөө).

БЕНЕДИКТИ'НЦЫ бенедиктчилер (VI к. башында ортонку Италияда Бенедикт Нурсий тарабынан негизделген католик монахтар орденинин мүчөлөрү).



БЕРНАРДИ'НЦЫ, БЕРДАРДИ'НКИ берндардиндер, бердардинкилер (Франция, Испания жана Италиядагы католик монахтар уюму. Булар еретиктерди куугунтукташып, маданий прогресске каршы чыгышат).

БЕС Бес (Байыркы Египетте шаттыктын, күлкүнүн, бийдин кудайы).

БЕСПОПО'ВЩИНА попсуздук (XVII к. эски диний ырым-жырымды жактап, чиркөөлүк иерархияга, дин кызматкерлеринин ролуна каршы чыккан агым).

БЕХАИ'ЗМ бехаизм (XIX к. орто ченинде Ирандагы Бабиддин көтөрүлүшү жеңилгенден кийин пайда болгон таптык саясий, космополиттик агым).

БИБЛЕ'ЙСКАЯ АРХЕОЛО'ГИЯ библия археологиясы (археология илиминин библиянын тарыхын изилдөөчү бөлүмү).

БИБЛЕ'ЙСКАЯ КРИ'ТИКА библияны сындоо (библияны сын көз менен карап үйрөнүү. Бул окуу эки түрдүүчө: библияны рационалисттик сындоо жана тарыхый сындоо болот).

БИБЛЕ'ЙСКИЕ ПРОТИВОРЕ'ЧИЯ библиядагы карама-каршылыктар.

БИ'БЛИЯ библия (иудей жана христиан диндеринин догматтары жана мифтери жазылган «кереметтүү китептердин» жыйнагы).

БЛА'ГОВЕСТ благовест (коңгуроо уруп, динге ишенген адамдарды чиркөөгө зыярат кылууга чакыруу).

БЛАГОСЛОВЕ'НИЕ бата берүү (христиан дининде поптун крест менен же колу менен диндик мүнөздө бата берүү же ырым-жырымды жасоо процесси).

БЛАГОТВОРИ'ТЕЛЬНОСТЬ кайыр-садага берүүчүлүк (өзүлөрүнө тартуу максатында чиркөө тарабынан бей-бечара, карып адамдарга берилген кайыр-садага же жардам).

БОГ кудай

БО'ГДО-ГЭГЭ'Н богдо-гэгэн (монголчо богдо «ыйык», «гэгэн» жарык маанисинде. Монголияда Ламаит чиркөөсүнүн башчысынын наамы).

БОГЕ'МСКИЕ БРА'ТЬЯ богемиялык туугандар (орто кылымдык Чехиянын Богемия жана Моравия областтарына байланыштуу пайда болгон диндик секта).

БОГОБОЯ'ЗНЕННОСТЬ кудайдан коркуу (динге ишенген адамдардын кудайдын «каарынан» коркушу).

БОГОИСКА'ТЕЛЬСТВО кудай издөөчүлүк (Россияда XX к. башында пайда болгон реакциячыл диндик мүнөздөгү философиялык агым).

БОГОМИ'ЛЫ богомилдер (X к. Болгарияда дин кызматкери Богомилдин ысмына байланыштуу пайда болгон христиандык секта).

БОГОРО'ДИЦА Эне кудайы (көп диний агымдардагы кудайды жараткан эне кудайы. М.: *байыркы египеттиктерди — Изида кудайы, Вави-*

*лондуктарда — Иштар кудайы, Сириялык жана финикиялыктардын — Астарта кудайы ж. б. эсептөөгө болот).*

БОГОСЛО'ВИЕ **кудай жөнүндөгү окуу** (кудай, диний догматтар жана ырым-жырымдар жөнүндөгү диний-чиркөөлүк окуу. Ал илимге жана прогресске каршы болуп, эл массасын кулдандыруунун куралы катары эзүүчү таптарга кызмат кылат).

БОГОСЛУЖЕ'НИЕ **таат-ибадат** (ар кандай диндеги чиркөөлөрдө, мечиттерде поптун же ыймамдын намазды же диндик ырым-жырымдарды өткөрүүсү, башкаруусу).

БОГОСТРОИ'ТЕЛЬСТВО **кудай жасоочулар** (Россияда столыпиндик реакция учурунда (1907—1910 ж.) социал-демократтык уюмдагы интеллигенттердин реакциячыл катмарын өз ичине камтыган диндик мүнөздөгү философиялык агым).

БОГОХУ'ЛЬСТВО **кудайга шек келтирүү** (чиркөөлүк бийлик мамлекеттик бийлик катарында таанылган өлкөлөрдө «кудайга шек келтирген» адамдарды мамлекеттик администрация тарабынан жазалоо).

БОДИСА'ТВА **бодисатва** (буддизм дининде кээ бир «бактылуу адамдар» жөнүндө алар туулганда эле кудай тарабынан бактылуу болушу белгиленет деген диндик мүнөздөгү миф).

БОЛО'НСКИЙ КОНКОРДА'Т **болонья келишими** (1516-ж. Папа Лев VII жана Франция королу Франциск I нин ортосунда түзүлгөн келишим).

БОНИФА'ЦИЙ **бонифаций** (Римдеги атактуу тогуз папанын аты).

БРАК ЦЕРКО'ВНЫЙ **чиркөөдө нике кыюу.**

БРА'ТСТВА **туугандык** (1. XV—XVII к. польшалык феодалдардын жана католик дин кызматкерлеринин эзүүсүнөн коргонуу максатында түзүлгөн православие динindеги Украина, Белоруссия элдеринин диндик мүнөздөгү улуттук уюму;

2. падышачылык Россияда 1864-ж. православие чиркөөлөрү кабыл алган уставдын негизинде эски ырым-жырымга жана сектанттарга каршы күрөшүү процесси;

3. кээ бир католиктик монахтардын, ордендердин аты).

БРА'ТЬЯ И СЕ'СТРЫ СВОБО'ДНОГО ДУ'ХА **эркин духтагы туугандар жана эже-карындаштар** (XIII—XV к. батыш Европада таралган христиандык сектанын бир түрү).

БРА'ХМА **брахма** (индуизм дининин башкы кудайы).

БРА'ХМА'Н **брахман** (Индияда жогорку касталардын жреци, дин кызматкери).

БРАХМАНИ'ЗМ **брахманизм** (Байыркы Индияда биздин эрага чейинки бир миңинчи жылдарда пайда болгон дин).

БРА'ХМО САМА'ДЖ **брахмо самадж** (1828-ж. Бенгалияда пайда болгон диндик мүнөздөгү реформатордук уюм).

БРЕ'ВЕ **бреве** (Италияда Рим папасы тарабынан кабыл алынуучу административдик, диндик мүнөздөгү грамота).



БРЕВИА'РИЙ **бревиарий** (библия ж. б. китептердин үзүндүлөрүнөн түзүлгөн католик дин кызматкерлери пайдалануучу чыгарма, жыйнак).

БРЕ'СТСКАЯ ЦЕРКО'ВНАЯ У'НИЯ **Бресттик чиркөө бирикмеси** (1596-ж. Украинадагы католик жана православие чиркөөлөрүн кошуу чечими).

БУДДИ'ЗМ **буддизм** (биздин эрага чейинки VI к. Индияда пайда болуп, кийинчерээк кээ бир чыгыш элдерине тараган дүйнөлүк диндин бири).

БУ'ЛЛА **булла** (Рим папасы тарабынан кабыл алынуучу салтанаттуу өкүм, жарыя).

БУХМАНИ'ЗМ **бухманизм** (америкалык лютеран дин кызматкери Френк Бухман тарабынан негиз салынып, Америка Кошмо Штаттары ж. б. кээ бир капиталисттик өлкөлөрдө азыркы учурда таралган реакциячыл, диндик жана саясий мүнөздөгү кыймыл).

БХА'КИ **бхактар** (индуизм дининин бир сектасы).

БЭЛ **бэл** (байыркы Вавилон жана ассириялыктардын Жер кудайы).

## В

ВАА'Л **ваал** (биздин эрага чейинки II—I миң жылдыктардагы Финикия, Юнрия, Палестина элдерине кеңири таралган күндүн, чагылгандын, добулдун кудайы).

ВАВИЛО'НСКОЕ ПЛЕНЕ'НИЕ **вавилондук туткундар** (биздин эрага чейинки VI к. байыркы еврей кол өнөрчүлөрүн күч менен зордуктап Вавилонго көчүрүү процесси).

ВАВИЛО'НСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **вавилон дини** (Тигр жана Ефрат дарыяларынын боюнда жашаган байыркы шумерийлердин, аккадийлердин, ассириялыктардын, халдейлердин ж. б. урууларынын дини).

ВАКФ **вакф** (ислам дини тараган өлкөлөрдө дин кызматкерлерине тиешелүү, феодалдык жеке менчикке негизделген жер ээлөөнүн бир формасы).

ВАКХ **вакх** (байыркы шаттык жана ичимдик кудайы).

ВАКХАНА'ЛИЯ **вакханалия** (байыркы римдиктердин, италиялыктардын диндик мүнөздөгү түнүчүндө өткөрүлүүчү майрамы).

ВАЛЬДЕ'НСЫ **вальденсилер** (XII к. лиондук соодагер Вальд негиздеп, кийинчерээк Түштүк Франция, Түндүк Италия, Ирландия, Чехияга тараган христиандык секта).

ВА'НЫ **вандар** (Скандинавия мифологиясында үй-бүлөнү жана деңизге сүзүүчүлөрдү сактоочу кудай).

ВА'РНА **варна** (Байыркы Индияда, брахманизм динindегилерде, үй-мүлктөрүнө байланыштуу коомдон орун алган катмарлар).

ВАРУ'НА **варуна** (Ведв динindегилердин асманды же ааламды бир калыпта кармап туруучу кудайы).

ВАРФОЛОМЕ'ЕВСКАЯ НОЧЬ **варфоломей түнү** (1572-ж. «ыйык варфоломей түнүндө» Парижде гугеноттордун католиктер тарабынан массалык өлтүрүлүшү).

ВАТИКА'Н **ватикан** (римдик-католик чиркөөсүнүн башчысы, уюмдаштыруучу борбору, Рим папасынын резиденциясы; Рим шаарынын ичинде жайгашкан, теократтык аймагы өтө кичине мамлекет).

ВАТИКА'НСКИЕ СОБО'РЫ **ватикан соборлору.**

ВАХХАБИ'ТЫ **ваххабчылар** (XVIII к. аягында араб өлкөлөрүндө Мухаммед ибн Абд-аль-Ваххаба тарабынан негизделип, таралган таптык диндик мүнөздөгү агым).

ВВЕДЕ'НИЕ **киришүү** (христиан дининдегилердин 21-ноябрь же 4-декабрде өткөрүлүүчү диндик мүнөздөгү майрамы).

ВЕДА'НТА **веданттар** (биздин эранын башында Индияда пайда болгон диндик-философиялык агым).

ВЕДИ'ЧЕСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **вед дини** (Түндүк Индияда кул ээлөөчүлүк коомуна өткөн мезгилде пайда болгон диний агым).

ВЕ'ДЫ **веддер** (Түндүк Индияда биздин эрага чейинки III—I миң жылдыктарында түзүлгөн диний мүнөздөгү адабий эстеликтер).

ВЕЙГЕЛИА'НЦЫ **вейгелчилер** (XVI к. Германияда пайда болгон христиандык секта).

ВЕЛИ'КИЙ ПОСТ **чоң пост** (православие дининдегилердин пасха майрамы алдында 7 жума бою эт жана сүт аралашкан тамак жебей, орозо кармоо ырым-жырымы).

ВЕЛЕ'С **велес** (байыркы славяндардын үй-канаттууларды же малдарды сактоочу кудайы).

ВЕЛИ' **вели** (мусулман done дининде кудайга жакын пайгамбар).

ВЕ'ЛИЖСКАЯ ДРА'МА **велижа драмасы** (1823—1834-ж. падыша өкмөтү жана чиркөө кызматкерлери тарабынан Витевск губерниясынын Велижа кыштагындагы еврейлерге каршы диндик мүнөздө уюштурулган айыптоо сот процесси).

ВЕНЕ'РА **Венера, Чолпон** (латиндердин жаз жана гүлдөө кудайы).

ВЕНЧА'НИЕ **венчание** (1. таажы кийгизип, падышачылык тактыга отургузуу ырым-жырымы; 2. чиркөө нике кыюу).

ВЕ'РА РЕЛИГИО'ЗНАЯ **дин ишеними** (илимий же практикалык жол менен эмес, диндик көз караш, сокур сезим аркылуу алла-таалага, кудайга ишенүү).

ВЕРИ'ГИ **вериги** (дин адамдары өзүн-өзү кыйноо үчүн денесине кийип жүрүүчү чынжыр).

ВЕ'СТА **веста** (латиндердин үй кудайы жана үйдө пайдалануучу оту).

ВЕСТА'ЛКА **весталка** (байыркы римдиктерде үй-жайдын кудайы Вестанын жрицалары. Алар 6 жаштан тартып 30 жашка чейин «эркекке жолукпастан», храмда ар дайым шам же от жагуу кызматын аткарып, 30 жаштан кийин гана күйөөгө тийүүгө укуктуу болушкан).



ВЕ'ТХИЙ ЗАВЕ'Т **инжил** (христиан чиркөөлөрүндөгү «ыйык» катары эсептелүүчү, иудей дин кызматкерлери тарабынан жазылган библиянын бир бөлүгү).

ВЕЧЕ'РНЯ **кечки** (православие чиркөө кызматкерлеринин кечинде өткөрүлүүчү чокунуу ырым-жырымы).

ВИКА'РИЙ **викарий** (православие жана католик чиркөөсүндө епископтун орун басары).

ВИКТОР'ИЯ **виктория** (байыркы римдиктердин жеңиш кудайы, Юпитердин кызы).

ВИТАЛИ'ЗМ **витализм** (ааламды, жаратылышты, диндик, идеалисттик философия менен түшүндүргөн библия илиминдеги реакциячыл агым).

ВИФЛЕ'ЕМ **Вифлеем** (Палестинада Иерусалимдин жанындагы шаар).

ВИХА'РА **вихара** (буддизм дининдеги жардылардын, бей-бечаралардын жаан-чачын, суук болгон учурларда чогулуп түнөгөн жайы).

ВИ'ШНУ **вишну** (индизм дининин негизги кудайларынын бири).

ВОДООКРОПЛЕ'НИЕ **суу чачуу, суу бүркүү** (христиандардын ооруну айыктыруучу максатында суу чачуу ырым-жырымы).

ВОДОСВЯ'ТИЕ **суу менен тазалануу** (христиандардын 1-августта өткөрүлүүчү майрамы).

ВОЗДВИ'ЖЕНИЕ КРЕСТА' **крестти көтөрүү** (христиандардын крестке арналган диндик майрамы).

ВОЗНЕСЕ'НИЕ **учуп кетүү** (христиандардын Христос кайра тирилгенден кийин жерде 40 күн туруп, өзүнүн шакирттери менен сүйлөшкөндөн кийин асманга учуп кеткен мифтик түшүнүккө байланыштуу IV к. бери өткөрүлүп келе жаткан диндик майрамы).

ВО'ЗРАСТ ЗЕМЛИ' **жердин жашы** (дүйнө, аалам, жер кудай тарабынан 7,5 миң жыл мурда жаралган деген диндик легенда).

ВОЕ'ННО-МОНА'ШЕСКИЕ О'РДЕНЫ **согуштук монахтар ордендери** (Жакынкы Чыгыштагы мусулмандар өлкөлөрүн жана Европадагы кээ бир католик эмес өлкөлөрүн басып алуу максатында XII—XIII к. Батыш Европада монахтардан түзүлгөн рыцарлардын ордендери).

ВО'ЙНЫ РЕЛИГИО'ЗНЫЕ **дин согуштары** (динге жамынып, айрыкча феодализм доорунда батыш европалык феодалдардын XI—XIII к. чыгыш өлкөлөрүнө каршы уюштурулган крест көтөрүүчүлөрдүн жортуулдар сыяктуу согуштар).

ВОСКРЕСЕ'НЬЕ МЕ'РТВЫХ **өлгөндөрдүн кайрадан тирилүүсү** (христиандардын христостук кайра тирилүүсүнө байланыштырылган мифтик догматтарынын бири).

ВОСКРЕСЕ'НЬЕ [illegible]билик (христиандардын жумасына бир жолу жекшемби с[illegible] өткөрүлүүчү диндик мүнөздөгү майрамы).

ВОСПИТ[illegible]НИЕ АТЕИСТИ[illegible]КОЕ **атеисттик тарбия.**

ВСЕЛЕ[illegible] **[illegible], жер жүзү, дүйнө.**

ВСЕЛЕ[illegible]СКИЙ СОБО'Р **бүткүл ааламдык собор** (христиан динин-



661238

деги чиркөөлөрдүн жогорку дин кызматкерлер тарабынан, дүйнөлүк масштабда динге байланыштуу маселелерди чечүүгө карата өткөрүлүүчү съезддери).

ВСЕМИ'РНЫЙ СОВЕ'Т ЦЕ'РКВЕЙ **чиркөөлөрдүн бүткүл дүйнөлүк совети** (көпчүлүк протестант жана кээ бир православие чиркөөлөрүнүн жогорку башкаруучу уюму. Бул уюмдун борбору—Женева).

ВСЕМИ'РНЫЙ СОЮ'З СВОБОДОМЫ'СЛЯЩИХ **эркин ойлоочулардын бүткүл дүйнөлүк союзу** (бельгиялык жана голландиялык атеисттер тарабынан 1880-ж. Брюссельде негизделген уюму).

ВСЕ'НОЩНАЯ **кечки чокунуу** (православие чиркөөлөрүндө кээ бир диндик майрамдарга карата күн баткандан кийин өткөрүлүүчү чокунуу).

ВТОРОЗАКО'НИЕ **экинчи закон** (иудаизм жана христиан дининдегилердин биздин эрага чейинки VII к. таандык пайгамбар Моисейге арналган чыгармасы).

ВТОРО'Е ПРИШЕ'СТВИЕ **экинчи кайра келүү** (Христос экинчи жолу кайра жерге келип, «күнөлүүлөрдү жазалайт» имиш деген диний түшүнүк).

ВУЛКА'Н **вулкан** (байыркы италиялыктардын өрт кудайы).

## Г

ГАДА'НИЕ **төлгө тартуу** (бал ачуу, төлгө салуу, алакан ачуу сыяктуу илимге, реалдык турмушка жат аракеттер менен болочок тагдырды, окуяны алдын ала билүүчү, диндик мүнөздөгү түшүнүк).

ГАЗАВА'Т **газават, казат** (мусулмандардын башка диндеги калктарга ислам динин таратуу максатында жүргүзгөн басып алуучулук согушу).

ГАЛА'ХА **закон** (еврейлердин үй-бүлөөчүлүк, граждандык турмушунда динге негизделип кабыл алынган закондор жыйнагы).

ГАЛЛИКАНИ'ЗМ **галликанизм** (XIII к. диндик саясий кыймылдын негизинде Франциянын католик чиркөөлөрү папанын бийлигинен бөлүнүп автономияга жетиши).

ГАЛО' **гало** (Күндүн же Айдын тегерете түшкөн нуру. Бул көрүнүштү диний адамдар «кудайдын желеги» деп түшүндүрүшкөн).

ГАСКА'ЛА **гаскала** (XVIII—XIX к. Германия, Польша жана Россиядагы буржуазиялык еврей интеллигенттеринин маданият, агартуу, тармактарын жолго коюу үчүн жүргүзгөн кыймылдары).

ГЕБ **геб** (байыркы гректердин диндик мүнөздө өткөрүлгөн майрамдарында 100 буканы курмандыкка чалуу ырым-жырымдары).

ГЕ'ЛИОС **гелиос** (байыркы гректердин Күн кудайы).

ГЕОЦЕНТРИ'ЗМ **геоцентризм** (Жер дүйнөнүн козголбос борбору имиш деген байыркы адамдардын илимге жат диндик мүнөздөгү ой жүгүртүүлөрү. XVI к. Коперниктин «Жер Күндүн айланасында айланат» — деген далилдөөсүнөн кийин бул диндик түшүнүк төгүнгө чыгарылды).



ГЕ'РА **гера** (Грек мифологиясындагы үй-бүлө жана нике кудайы).

ГЕРМЕ'С **гермес** (грек мифологиясындагы мал жана жайыт кудайы).

ГЕРОТЕИ'ЗМ **геротеизм** (байыркы гректердин баатырларды көтөрүүчү жана аны сактоочу кудайы).

ГЕФЕ'СТ **гефест** (байыркы грек мифологиясында оттун жана ага байланыштуу устачылыктын, кол өнөрчүлүктүн кудайы).

ГИЛОЗОИ'ЗМ **гилозоизм** (бардык материядан турган дүйнөнү жандуу, сезүүчү, ал гана эмес ойлоочу нерсе катарында эсептешкен жаңылыш философиялык окуу).

ГИМЕНЕ'Й **гименей** (байыркы Грецияда, кийинчерээк римдиктерге тараган никелешүүнүн кудайы).

ГНОМ **гном** (байыркы Германия жана батыш европалык мифологияда Жер астындагы кенчтерди кайтаруучу түрү суук эргежээл сыйкырчы).

ГНОСЕОЛОГИ'ЧЕСКИЕ КО'РНИ РЕЛИ'ГИИ **диндин гносеологиялык тамырлары.**

ГНО'СТИКИ **гностиктер** (биздин эранын I—II к. пайда болгон гностиктердин жолун жолдогон, б. а. диндик философиялык көз караштты жактаган христиандардын сектасы).

ГОВЕ'НЬЕ **говенье** (православие динине ишенгендердин пасканын алдында эт, сүт, малдын майын жебей турган ырым-жырымдары).

ГОЛГО'ФА **голгофа** (байыркы иерусалимдин тегерегиндеги дөбөчө. Бул жерде байыркы иудейлердин кылмышкерлерин жазалаган миф боюнча Христос ушул дөбөчөдө крестке кере тартылган деп айтылат).

ГОМИЛЕ'ТИКА **гомилетика** (чиркөөлүк кызматкерлерди чечендик искусствого үйрөтүү).

ГОР **гор** (байыркы египеттиктердин Күн кудайы, миф боюнча ал фараондорду колдогон, денеси кишиникиндей, башы бүркүттүкүндөй деп сүрөттөлгөн).

ГОСПИТАЛЬЕ'РЫ **госпиталдыктар** (католиктердин XII к. башында Палестинада негизделген согушчан монахтардан түзүлгөн орденинин мүчөлөрү).

ГОСУДА'РСТВО И ЦЕ'РКОВЬ **мамлекет жана чиркөө** (таптык антогонисттик коомдо чиркөөлөр жана анын ишмердүүлүгү мамлекетке жардам берүүчү менен эзилүүчү тапка болгон мамилесин күчөтүүчү катары роль ойнойт. М.: *Англияда, англикан чиркөөсү мамлекеттик уюм катары эсептелип, материалдык каражаттарды өкмөт төлөө менен өз кызыкчылыгында пайдаланышат. Биздин өлкөдө Октябрь революциясынан кийин чиркөө менен мамлекеттин ортосундагы мамилелер өзгөрүлүп, 1918-жылы 23-январдагы өкмөтүнүн декретине ылайык мектептер чиркөөдөн чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн).*

ГРИГОРИА'НСКИЙ КАЛЕНДА'РЬ **Григорий календары** (1582-ж. папа Григорий XIII тарабынан мурдагы Юлиан календарынын ордуна киргизилген календарь).

ГРИГОРИА'НСКИЙ ХОРА'Л **григорий хоралы** (VI—VII к. түзүлгөн

католик чиркөөлөрүндө диндик ырларды аткарууда аны коштогон музыка).

ГРЕХ **күнөө.**

ГРЕХОПАДЕ'НИЕ **күнөөлүү болуу** (иудей жана христиан диндеринин түшүнүгүндө Адам менен Еванын бейиштин кудай тарабынан тыюу салынган алмасын жеп күнөөлүү болушу).

ГРУЗИ'НСКАЯ ЦЕ'РКОВЬ **грузин чиркөөсү** (IV к. пайда болгон православие чиркөөсүнүн бир тармагы. Алгачкы убакта грузин чиркөө Антиохий патриархынын карамагында болуп, кийинчерээк андан бөлүнүп чыккан).

ГУГЕНО'ТЫ **гугеноттор** (XVI—XVII к. Француз королдорунун чексиз бийлигине жана католик чиркөөлөрүнүн үстөмдүгүнө каршы күрөш жүргүзгөн диний агым).

ГУСИ'ТЫ **гусчулар** (XV к. Чехияда католизмге каршы жана улуттук боштондук кыймылын жактаган Ян Густун жолун жолдоочулар).

ГЯУ'Р **капыр** (мусулмандардан башка диндегилер).

## Д

ДАВИ'Д **давид** (библия боюнча биздин эрага чейинки XI к. Израилдин экинчи падышасы. Ал байыркы еврейлердин биримдик мамлекетин түзүп Иерусалимди борбор катары негиздеген).

ДА'ГИБОГ **дагибог** (байыркы славяндардын Күн кудайы).

ДАЛА'Й-ЛА'МА **далай-лама** (Тибетте лама чиркөөсүнүн башкы титулу).

ДАНИИ'ЛА ПРОРО'КА КНИ'ГА **пайгамбар Даниилдин китеби** (пайгамбар Даниил тарабынан түзүлгөн 14 бөлүктөн турган библиянын бөлүкчөсү).

ДАОСИ'ЗМ **даосизм** (байыркы Кытайда кеңири тараган диндик мүнөздөгү философиялык окуу).

ДАР-АЛЬ-ИСЛАМ **дар аль-Ислам** (мусулмандар ээлеген территориядагы калк).

ДАРБИ'СТЫ **дарбичилер** (XVIII к. Англияда Джон Дарби тарабынан негизделип кийинчерээк Швейцарияда, Францияда, Германияда жана славян өлкөлөрүнө тараган диндик секта. Алар ар кандай диндик уюмдардын жана анын иерархиялык ролун жокко чыгарууга аракеттенишкен).

ДАРВИНИ'ЗМ **дарвинизм** (Ч. Дарвин тарабынан негизделген табигый тандалуу жолу менен айбандардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн чыгышы жана өөрчүшү жөнүндөгү окуу).

ДАРОХРАНИ'ТЕЛЬНИЦА **«сый» же «тартууну» сактагыч** (христиан дининдеги чиркөөлөрдө **«ыйык нерселерди же дарыларды» сактоочу** кутуча).

ДАЦА'Н **дацан** (ламаисттердин **храм монастры**).



ДВО'ЙСТВЕННОСТЬ И'СТИНЫ **эки ача чындык** (илим жана диндин негизги эрежелерин бирдей караган бирок бири-бирине көз карандысыз түшүнүк деп эсептеген орто кылымдагы окуу).

ДВУНАДЕСЯ'ТЫЕ ПРА'ЗДНИКИ **он экилик майрамдар** (православие диниңде пасха майрамынан тышкары он эки жолу өткөрүлүүчү диндик башка майрамдар).

ДЕВЯТИ'НЫ **тогуздук** (православие дини боюнча өлгөн адамга атап 9 күн өткөндөн кийин өткөрүлүүчү ырым-жырым).

ДЕИ'ЗМ **деизм** (ааламды, дүйнөнү жалгыз гана кудай жараткан деген окуу).

ДЕКА'Н **декан** (1. католик монастырларында — аббаттын жардамчысы; 2. католик жана англикан чиркөөлөрүндө — башкы поп).

ДЕКРЕТА'ЛИИ **декреттөө** (христиан чиркөөлөрүндө бул же тигил маселелерге карата кабыл алган чечимдер).

ДЕЛЬФИ'ЙСКИЙ ОРА'КУЛ **дельфиалык көзү ачык** (байыркы грек жана римдиктерде элдин суроолоруна кудайдын атынан жооп берүүчү жрец. Анын орду Дельфа шаарындагы Апполлон храмында болгон).

ДЕМЕ'ТРА **деметра** (1. байыркы гректердин «дыйканчылык» жана «өсүмдүк өстүрүүнүн» кудайы; 2. байыркы Грецияда Гомердин доорунда — эркин кол өнөрчүлөр, мастерлер, ырчылар ж. б.).

ДЕМОНИ'ЗМ **демонизм** (христиан дини боюнча айлана чөйрөнү жиншайтан курчап турат, алардан адамды чиркөө жана дин кызматкерлери гана куткарат деген диний көз караштагы окуу).

ДЕНА'РИИ СВ. ПЕТРА' **ыйык Петрдун денарлары** (жыл сайын католиктерден папага чогултулуп берилүүчү чыгым).

ДЕРВИ'Ш **дубана** (мусулман дини тараган өлкөлөрдө суфия ордендеринин мүчөлөрү).

ДЕСЯТИ'НА **ондук** (жалпы кирешенин ондон биринен турган жана дин кызматкерлерин жана чиркөөнү кармап туруу үчүн элден чогултуучу чыгым).

«ДЕЯ'НИЯ АПО'СТОЛОВ» **«апостолдун жоруктары»** (Христос асманга кеткенден кийин анын шакирттеринин ишин баяндаган «жаңы осуяттын» бешинчи китеби).

ДЖАГГЕРНА'УТ **джаггернаут** (индуизм дининде «Вишну-Кришнанын» аты).

ДЖАДИДИ'ЗМ **джадидизм** (XIX к. аяк ченинде татарлардын арасында таралган диний-реформатордук агым. Ислам дининдеги башка элдерге таасирин тийгизип, буржуазиянын кызыкчылыгын көздөгөн жана панисламизмдин, пантюркизмдин идеологиясын колдогон реакциячыл агым болгон).

ДЖАЙНИ'ЗМ **джайнизм** (биздин эрага чейинки VI к. Индияда пайда болгон байыркы диндердин бири).

ДЖА'ТАКИ **джатаки** (буддизм дининдеги адабий китепче).

ДЖАХИЛИ'ЙЯ **джахилийя** (ислам динине чейинки доор, мезгил).

ДЖИХА'Д **джихад** (ар бир мусулман катышууга милдеттүү «ыйык согуш»).

ДЗИ'ММУ-ТЭ'ННО **Дзиму-Тэнно** («асмандын башкаруучусу». Япониянын биринчи императору кудай тарабынан жаралган—деген, мифтик түшүндүрүүлөр).

ДЗИ'НДЗЯ **дзиндзя** (диндик ырым-жырымдар өткөрүүлүүчү чоң храмдар).

ДЗЕН **дзен** (махаянист-буддизмдердин көрүнүктүү секталарынын бири. Бул секта VII—VIII к. Кытайга андан Кореяга жана ал аркылуу Японияга тараган).

ДИА'КОН **диакон** (православие, католик, англикан жана протестант чиркөөлөрүндө дин кызматынын эң төмөнкү (үчүнчү) баскычын ээлеп турган кызматкер).

ДИАЛЕКТИ'ЧЕСКАЯ ТЕОЛО'ГИЯ **диалектикалык теология** (азыркы протестант дининдегилер үчүн ачылган диндик мектеп).

ДИА'НА **диана** (байыркы италиялыктардын мифинде төрөттүн, оттун, кийинчерээк аңчылыктын да кудайы).

ДИАСПО'РА **диаспора** (байыркы еврейлердин Палестинадан тышкары жерден орун алууга жүргүзгөн аракеттери).

ДИДАХЕ' **дидахе** (алгачкы христиандардын «жаңы осуяттардын» жыйнагына кирбей калган диндик мүнөздөгү чыгармасы. Бул чыгарма 1873-ж. Константинопольдон табылган).

ДИОНИ'С **дионис** (байыркы гректерде жүзүм өстүрүүчүлүктүн жана вино жасоочулуктун кудайы).

ДИОЦЕ'З **диоцез** (католик жана протестант чиркөөлөрүнүн тармагындагы территориялык-административдик округ, бөлүк).

ДИССЕ'НТЕРЫ НОНКОНФОРМИ'СТЫ **диссентерлер нонконформисттер** (XVII—XVIII к. Англиядагы англикан чиркөөлөрүнөн бөлүнүп кеткен жана куугунтукка алынып келген секталардын бири).

ДИССИДЕ'НТЫ **диссиденттер** (Англия, Франция ж. б. өлкөлөрдө официалдуу динге ишенбегендер жана анын закондоруна баш ийбеген адам).

ДИТЕИ'ЗМ **дитеизм** (эки кудайга ишенүүчүлүк).

ДИЯКОНИК **дияконик** (алтардык түштүк жак капшыты. Ал жерде чиркөөнүн буюмдары сакталат).

ДИЯКОНИ'СЫ **диаконисчилер** (христиан дини таралган өлкөлөрдөгү храмдарда диний ырым-жырымдарды өткөрүү учурларында аларга көз салып, оорулуу адамдарга жардам беришкен 40 тан ашкан жесир же күйөөгө чыкпаган аялдар).

ДО'ГМАТЫ РЕЛИГИО'ЗНЫЕ **диний догматтар** (динге ишенген адамдар тарабынан эч өзгөрүүсүз кабыл алынуусу талап кылынган диндик түшүнүк. Догмат боюнча ар кандай диндик ырым-жырымдар, шарияттын талаптары милдеттүү түрдө аткарылуу менен аны сынга алууга эч кимдин акысы жок. Бул эрежени бузгандар чиркөө тарабынан еретик катары куугунтукталган).

ДОГМАТИ'ЗМ **догматизм** (диний тиги же бул түшүнүккө догма катары кыйшаюусуз ишенүүчүлүк-диндин негизги методологиялык негиздеринин бири).

ДОГМА'ТЫ ХРИСТИА'НСКИЕ **христиандык догматтар** (христиан дининин диндик негизги жоболору).

ДОДО'НА **додона** (байыркы гректердин алдын ала болуучу окуяларды айтып берүүчү «көзү ачык» жрецтердин туруучу жайы).

ДОМ АТЕИ'СТА **атеисттер үйү** (партиянын XX съездинен кийин, калктын арасына атеисттик пропаганданы жайылтуу максатында уюштурулган ыктыярдуу коомдук уюм).

ДОМИНИКА'НЦЫ **доминикчилер** (ар кандай еретиктерге каршы күрөшкөн кайырчы монахтардын ордени).

ДОМОВО'Й **албарсты; үйчүлүк** (1. диндик ишенүүчүлөрдүн түшүнүгү боюнча ар бир үйдө болуучу жин; 2. байыркы славяндардын үй-бүлөөчүлүк тирчилигин жүргүзүүчү кудайы).

ДОМОСТРО'Й **домострой** (православие дининин догмаларын турмуш тиричилигинде жана нравада кыйшаюусуз сакталышын пропагандалаган диний китеп).

ДОНАТИ'СТЫ **донатистер** (IV к. пайда болгон алгачкы христиан чиркөөлөрүнүн сектасы, агымы. Христиан дининин догматтарын бузуучуларга каршы күрөш жүргүзгөн).

ДОРЕЛИГИО'ЗНАЯ ЭПО'ХА **дин пайда болгонго чейинки доор** (азыркы илимий далилдөөлөр боюнча адам коому мындан 1 млн. жыл мурда пайда болгон болсо, диндин пайда болгонуна 100 миң жыл гана болду).

ДРЕВНЕГЕРМА'НСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **байыркы герман дини** (алгачкы коомдук түзүлүш доорундагы герман калктарынын диндик көз караштарынын системасы. М.: *анимизм, көп кудайга ишенүүчүлүк).*

ДРЕВНЕГРЕ'ЧЕСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **байыркы грек дини** (байыркы грек калктарынын диндик көз караштарынын системасы. Алар кудайды адамга окшоштуруп (антропоморфизм системасын колдошкон). Алардын негизги кудайы «жер—эне» болуп, анын калдыктары энелик доор жана дыйканчылык чарбасына байланышкандыгын көрсөтөт).

ДРЕВНЕЕГИ'ПЕТСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **байыркы египет дини** (байыркы урууучулук коомунун мезгилинде байыркы египеттиктердин диндик көз караштарынын системасы: алар көбүнчө жаратылышка сыйынышып, тотемизм үстөмдүк кылган. Алардын түшүнүгү боюнча ар бир кишинин сактагыч «периштеси» болуп, өлгөндөн кийин кишинин денеси канча жакшы сакталса, ошончолук ага периште ыраазы болот деп болжолдошкон).

ДРЕВНЕКИТА'ЙСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **байыркы кытай дини** (биздин эрага чейинки II—I миң жылдардыктарда кул ээлөөчүлүк мезгилинде

(Хуанхэ, Янцзы дарыяларынын боюнда отурукташкан калктардын диндик көз караштарынын системасы).

ДРЕВНЕРИ'МСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **байыркы рим дини** (кул ээлөөчүлүк коомунун негизинде уруучулук түзүлүштүн калдыктарын өз ичине алган мифологияга негизделген диндик көз караштын системалары. Негизги чарбачылыгы дыйканчылык болгондуктан диндик ырым-жырымдар да дыйканчылыкка байланышкан).

ДРЕВНЕСЛАВЯ'НСКАЯ РЕЛИ'ГИЯ **байыркы славян дини** (христиан динин кабыл алганга чейинки диндик көз караштарынын системасы. М.: *сыйкырчылыкка, ата-бабалардын арбагына ишенүү* ж. б.).

ДРЕ'ВНИЕ АПО'СТОЛЫ **байыркы апостолдор** (1. христиандардын Россияда XIX к. 1-жарымында пайда болгон сектасы; 2. Иса пайгамбардын 12 шакиртинин, анын окуусун таратуучулардын бири же кандайдыр бир окуунун, идеянын абдан катуу жактоочулары).

ДРЕ'ВНИЕ ХРИСТИ'АНЕ **байыркы христиандар** (өзүнө евангелисттердин лютерандардын окууларын камтыган христиан дининин сектасы).

ДРУ'ЗЫ **друздар** (мусулман дининдегилердин шиит сектасын жактоочу исмаилиттердин бир тармагы).

ДУХОБО'РЫ **духоборлор** (XVII к. аягында Россияда пайда болгон жана православие чиркөөсүнүн догмаларын колдобогон диндик секта).

ДУ'ХОВ ДЕНЬ **жанга (духка) арналган күн** (христиан дининде касиеттүү троицанын үчүнчү өзгөчөлүгү—ыйык рухка арналып троицанын экинчи күнү өтүлүүчү майрамы).

ДУХОВЕ'НСТВО **дин кызматкерлери** (коомдун таптарга бөлүнүшү менен бирге пайда да болгон, өздөрүн кудай менен адамдардын арасындагы арачылар деп эсептешкен жана диний ар түрдүү ырым-жырымдарды аткаруучулар).

ДУХО'ВНЫЕ ХРИСТИА'НЕ **рух христиандары** (христиан дининдеги дин кызматчыларынын арачылыгын тангап жана ар бир адам диние берилип тобо кылса ыйык рухтун анын өзүнө келип орношооруна ишенген секта).

ДУША' **жан**

ДХА'РМА **дхарма** (брахманизм жана индуизм диндеринде адамдардын үй-бүлөдө, коомчулукта, иштеген чөйрөсүндө, касталык тиешелүүчүлүгүнө жараша аткарууга тийиш болгон закондордун жыйнагы).

ДЫ'РНИКИ **тешикчилдер** (эски ырым-жырымды колдонгон христиан дининдеги өзүнчө агым. Алар иконго сыйынышпастан үйдүн учурмасындагы тешиктер аркылуу асманга сыйынышат).

## Е

ЕВА'НГЕЛИЕ **евангелие** (инжил) **«кабар»** (Христостун шакирттери апостолдор Матвей, Иоан жана анын улантуучулары Марк жана Лука тарабынан жазылган диний китеп).



ЕВАНГЕЛИЗА'ЦИЯ **евангелизация** (*к.* **миссионерство**).

ЕВАНГЕЛИ'СТЫ **евангелиечилер** (христиан дининде евангелиелердин мифтик авторлору — Матфей, Марк, Лука, Иоанн).

ЕВА'НГЕЛИЕ БАЗИЛИ'ДА (Василида) **Базилиддин (Василиддин евангелиеси** (Александрияда 133-ж. философ-гностик Базилид тарабынан түзүлгөн Луканын евангелиесине жакын диндик-философиялык чыгарма).

ЕВА'ГЕЛИЕ ЕВРЕ'ЕВ **еврейлердин евангелиеси** (Матвей тарабынан жазылган деп болжолдогон еврей тилинде жазылган чыгарма. Анда «кудай» деп түшүндүрүлбөстөн, жөнөпкөй эле кишн болгон деген миф бар).

ЕВА'НГЕЛИЕ ОТ ЕГИПТЯ'Н **египеттиктерден калган евангелие** (евангелие канондоштурулганга чейин жазылган гностикалык көз караштагы диний чыгарма).

ЕВА'НГЕЛИЕ ОТ ИОА'ННА **Иоанндан калган евангелие** (канондоштурулган евангелиенин 140-ж. жазылып, кийинчерээк бөлөк авторлор тарабынан толукталган варианты).

ЕВА'НГЕЛИЕ ОТ ЛУКИ' **Лукадан калган евангелие** (Феофилдин өмүр баянынан баштап христиан дининин таралыш доорунун алгачкы убактарын ж. б. мүнөздөгөн китеп).

ЕВА'НГЕЛИЕ ОТ МА'РКА **Марктан калган евангелие** (канондоштурулган евангелиелердин эң алгачкысы).

ЕВА'НГЕЛИЕ МАРКИО'НА **Маркиондун евангелиеси** (II к. жазылган, негизинен Луканын евангелиесине окшош чыгарма).

ЕВА'НГЕЛИЕ ОТ МАТФЕ'Я **Матфейден калган евангелие** (канондоштурулган төрт евангелиенин бири).

ЕВА'НГЕЛИЕ ПЕТРА' **Петрдун евангелиеси** (эң байыркы евангелиелердин арамей тилиндеги котормосунун грекче кайра иштелип чыккан түрү).

ЕВА'НГЕЛЬСКИЕ СВОБО'ДНЫЕ ХРИСТИА'НЕ **евангелиелик эркин христиандар** (XIX к. 30—40-ж. евангелиелик христиандар менен баптистердин биригүүсүнүн натыйжасында бөлүнүп чыккан христиандык секта).

ЕВА'НГЕЛЬСКИЕ ХРИСТИА'НЕ **евангелиелик христиандар** (Россияда XIX к. 70-ж. пайда болгон диндик секта).

ЕВА'НГЕЛЬСКИЕ ХРИСТИА'НЕ-БАПТИСТЫ (ЕХБ) **евангелие христиан-баптисттер (ЕХБ)** (мурдагы «баптисттер союзу» менен евангелдик христиан секталарынын биригишинен 1964-45-ж. келип чыккан, борбордошкон уюму бар союз. Башында Бүткүл Союздук Совет турат; республика, край жана областтарда анын бөлүмдөрүн пресвитерлер башкарып жергиликтүү секталарга контролдук жүргүзүшөт өз алдынча басма органы да бар).

ЕВРОПЕ'ЙСКОЕ ЕВА'НГЕЛЬСКОЕ ДВИЖЕ'НИЕ **европалык евангелиелик кыймыл** (Европада саясий көз карашы боюнча коммунисттерге, советтик түзүлүшкө каршы 1948-ж. пайда болгон евангелиелик секталардын бирикмеси).

ЕВХАРИСТИ'ЧЕСКИЕ КОНГРЕ'ССЫ **евхаристтик конгресстер** (католиктердин 1881-ж. тартып системалуу өткөрүлүп келген эл аралык улуттук съезди).

ЕГИПЕ'ТСКИЕ КА'ЗНИ **египет кыйноолору** (библиялык миф боюнча колго түшкөн еврейлерди коё бербегендиги үчүн байыркы египеттиктердин тарткан 10 түрдүү кыйноо тартышы).

ЕДИНОВЕ'РИЕ **бир динге ишенүүчүлүк** (XVIII к. аягында эски ырым-жырымды колдоочулар менен православие динин канондорун бириктирүүгө аракеттенген диндик агым).

ЕДИНОВЕ'РЦЫ **бир динге ишенүүчүлөр**

ЕЗИ'ДЫ **езиддер** (христиан, иудаизм жана ислам диндеринин айрым жоболорун өз ичине алган, тар чөйрөдөгү диндик секта).

ЕККЛЕСИА'СТА КНИ'ГА **екклесиасттын китеби** (инжилге тиешелүү жазылган китеп. Аны Соломон падыша жазган имиш дешет).

ЕКТЕ'НЬЯ **ектенья** (христиандардын кудайдан оорудан, кургакчылыктан ж. б. кутултууну сурап массалык түрдө чокунуп, сыйынуусу).

ЕЛЕОСВЯЩЕ'НИЕ **елеосвящение** (ооруп жаткан адамды айыктыруу максатында же өлүүчү адамды күнөөлөрүнөн кутултуу үчүн, чиркөө кызматкерлери тарабынан дем салуу, чайырларды денелерине сүйкөө сыяктуу ырым-жырымдар).

Е'НОХА КНИ'ГА **Енохтун китеби** (иудаизм динининдегилердин диний китептеринин бири).

ЕНО'ХОВЦЫ **енохчулар** (Россияда 1885-ж. православие дининен бөлүнүп чыккан христиандык секта).

ЕПА'РХИЯ **епархия** (епископ (архиерей) башында турган чиркөөлүк-административдик округ).

ЕПИ'СКОП **епископ** (христиан (архиерей)—христиан чиркөөсүндө диндик жогорку кызмат наамы).

ЕПИСКОПА'ЛЬНАЯ ЦЕ'РКОВЬ **епископ чиркөөсү** (АКШдагы англикан чиркөөсү).

ЕПИТИМЬЯ **епитимья** (православие жана католик дининде күнөөдөн арылуу үчүн чиркөөнүн көрсөтүүсү боюнча узак убакытка чейин чокунуу «ыйык жерлерге» (мазарларга) барып зыярат кылуу).

Е'РЕСЬ **ересь** (официалдуу диндин догмаларына каршы агым, көз караштар).

ЕССЕ'И **ессеи** (биздин эрага чейинки II к. жана биздин эранын I к. пайда болгон, кул ээлөөчүлүк коомунун жеке менчик системасына каршы иудей дининин сектасы).

ЕШИБО'Т **ешибот** (раввиндерди даярдоочу иудей мектеби).

## Ж

ЖЕ'РТВЕННИК **курмандык чалынуучу жай** (хрестиан динине чейинки мезгилдерде «кудайга» жалынып, курмандык чалынуучу атайын орун).



ЖЕРТВОПРИНОШЕ'НИЕ **курмандык чалуу** (алгачкы общиналык коомдун түзүлүш мезгилинде өлгөндөрдүн арбагына атап өткөрүлүүчү байыркы диндик ырым-жырым).

ЖИЗНЬ **өмүр**

«ЖИТИ'Я СВЯТЫ'Х» **ыйыктуулардын өмүрү** (чиркөө тарабынан ыйык деп жарыяланган князь, аскет, өзүн-өзү кыйнаган адамдардын өмүрү баяндалган китептер, чыгармалар).

ЖРЕЦ **жрец** (байыркы диндерде жана иудей бутпарас дининдеги курман чалуучу киши; курмандык чалуучу, диндик ырым-жырымдарды өткөрүүчү алгачкы культтардын кызматкери).

ЖРЕ'ЧЕСКИЙ КО'ДЕКС **жрецтик кодекс** (XIX к. айрым окумуштуулар тарабынан библиянын кээ бир кодекстерин изилдегенден кийин коюлган атоо).

ЖРЕ'ЧЕСТВО **жрецтер**

## З

ЗАВЕ'Т **осуят** (кудайдан кийинки пайгамбарга калтырылган осуяттары: м.: *инжил жана жаңы осуят* ж. б.).

ЗАВО'ЛЖСКИЕ СТА'РЦЫ **заволжиелик карылар** (XV к. аягы, XVI к. башында Россияда пайда болгон саясий-диндик мүнөздөгү агым).

ЗА'ГОВОР **дуба, арбоо, дарым** (динге ишенгендердин мифтик ооруга, душманга ж. б. каршы түшүнүктөн келип чыккан ырым-жырымдары).

ЗАГРО'БНАЯ ЖИЗНЬ **акырет** (өлгөндөн кийин адамдын тиги дүйнөдө да өмүрү уланат деген түшүнүк).

ЗАКА'Т **зекет** (ислам дини тараган өлкөлөрдө «курандын көрсөтүүсү» боюнча шариаттын негизинде жыйналуучу чыгым).

ЗАКО'Н БО'ЖИЙ **кудайдын закону** (мектеп чиркөөдөн ажыратылбаган өлкөлөрдө башталгыч жана орто мектептерде сөзсүз өтүлүүчү дин сабагы).

ЗАКО'НЫ ОБЩЕ'СТВЕННОГО РАЗВИ'ТИЯ **коомдун өнүгүшү жөнүндөгү закондор**

ЗАКО'НЫ ПРИРО'ДЫ **жаратылыш закондору**

ЗА'ПОВЕДИ **милдеттүү осуяттар** (иудей жана хрестиан дининде инжилден жана жаңы осуяттан тандалып алынган милдеттүү осуяттар).

ЗЕЛО'ТЫ **зелоттор** (I к. Римдиктерге каршы иудей согуштарын (66—70 ж.) уюштурган диндик мүнөздөгү партия).

ЗЕЙДИ'ТЫ **зейдиттер** (VIII к. Имам-Зейд тарабынан негизделген мусулмандардын Шиит сектасы тараптагылар).

ЗЕ'МЗЕМ **земзем** (Мекенин кааба мечитинин короосундагы туздуу суу чыгуучу кудук. Мусулман дининин кызматкерлерди ал сууну «ыйык»—деп эсептешип, оорудан айыгуу ж. б. ырым-жырымдарга колдонушкан).

ЗЕМЛЕДЕ'ЛЬЧЕСКИЕ КУ'ЛЬТЫ **дыйканчылык культтары** (дыйканчылыкка байланыштуу байыркы доорлордо пайда болгон диний түшүнүктөр).

ЗИКР **зикир** (мусулман дининде дубаналардын, дербиштердин ар түрдүү кыймыл-аракет аркылуу зикир чалып аткарылуучу диний ырым-жырымдары).

ЗНА'ХАРСТВО **табыпкерчилик** (ооруган адамдары айыктырууда өтө жөнөкөй, илимге негизделбеген, көбүнчө диний түшүнүктөрдүн негизинде жүргүзүлүүчү дарыгерчилик).

ЗООЛА'ТРИЯ **зоолатрия** (диндик мүнөздө айбанаттарга сыйынуу; тотемизмдин калдыктарынын бири).

ЗООМОРФИ'ЗМ **зооморфизм** (диндик культтарды айбанаттар түрүндө сүрөттөгөн, тотемизм калдыктарына байланыштуу түшүнүктөр).

ЗОРОАСТРИ'ЗМ **зороастризм** (Иран, Орто Азия, Азербайжанда жашаган байыркы калктардын отко табынуу дини).

## И

ИА'КОВА АПО'СТОЛА ПОСЛА'НИЕ **Иаков апостолдун осуяты** (жаңы осуяттардын» II к. орто ченинде жазылган осуяттарынын бири).

И'БЛИС **иблис** (мусулман дининде азгырма шайтан).

ИВА'НОВ ДЕНЬ **Ивандын күнү** (славян ж. б. Европа калктарынын дыйканчылыкка байланыштуу диндик майрамы. Бул майрам 7-июлда (эски календарь боюнча 24-июнда өткөрүлгөн).

ИГУ'МЕН **игумен** (монастрдын башкаруучусу).

ИДЕАЛИ'ЗМ **идеализм** (дүйнөдөгү нерселердин, көрүнүштөрдүн негизинде идея, дух жатат жана алар алгачкы, материя болсо экинчи — деп эсептеген илимге каршы философиялык агым).

И'ДОЛ **идол** (канаттуулар же айбанаттар түрүндө жасалган кудайдын кебетеси).

ИЕ'ГО'ВА' **Иегова** (иудаизм дининде эң башкы кудайдын аты).

ИЕГОВИ'СТЫ **иеговачылар** (Иеговага сыйынуучу христиандык секта).

ИЕЗЕКИИ'ЛЯ ПРОРО'КА КНИ'ГА **пайгамбар Иезекиилдин китеби** (библиянын көлөмү жана мааниси боюнча үчүнчү орунда турган китеби).

ИЕЗИ'ДЫ **иезиддер** (зороастризм дини боюнча периштелер).

ИЕЗУИ'ТЫ **иезуиттер** (1534-ж. католиктердин испандык дин кызматкери Игнатий Лойолой тарабынан негизделип, «Иисустун коому» деп аталган монахтардын реакциячыл ордени).

ИЕРА'РХИЯ **иерархия** (христиан чиркөөсүндө ыйыктуулуктун үч баскычынын жалпы атоосу).

ИЕРЕ'Й **иерей** *к.* **жрец.**

ИЕРЕМИ'И ПОСЛА'НИЕ **Иеремийдин осуяты** (биздин эрага чейинки VIII к. таандык пайгамбар Иеремий тарабынан жазылган деп эсептелген дин китеби).

ИЕРИХО'Н **Иерихон** (библияда аталган. Палестинанын эң байыркы шаарларынын бири).



ИЕРУСАЛИ'М **Иерусалим** (иудей, христиан- жана мусулмандардын «ыйык борбору» деп эсептелген Палестинадагы шаар).

ИЗРА'ИЛЬСКОЕ ЦА'РСТВО **израиль падышачылыгы** (биздин эрага чейинки 935 ж. Түндүк Палестинада негизделген кул ээлөөчү мамлекет).

ИЗУВЕ'РСКИЕ СЕ'КТЫ **ырайымсыз секталар** (диний фанатизмге негизделген ырайымсыз, катаал секталар: пятидесятниктер, иннокентийчилер, мурашковчулар ж. б.).

ИИСУ'СА НАВИ'НА КНИ'ГА **Иисус Навиндин китеби** (библиянын еврейлердин Палестинаны басып алып, анын жерин бөлүштүргөнүн баяндаган алтынчы бөлүгү).

ИКО'НА **икона** (христиандардын чокунуп, сыйынып табынуу үчүн жасалган Христостун, ыйыктардын ж. б. сүрөтү тартылган элеси).

ИКОНОБО'РЧЕСТВО **ага каршы күрөшүүчүлүк** (иконага сыйынуучулукка каршы ересь).

ИКОНОСТА'С **иконостас** (православие храмдарында икондор жайгаштырылуучу атайын дубал).

ИЛЛЮМИНА'ТЫ **иллюминаттар** (1776-ж. Баварияда түзүлгөн диндик мүнөздөгү жашыруун уюм).

ИЛЬИ'Н ДЕНЬ **Ильиндин күнү** (православие дининде чагылгандын кудайы Ильяга аталып өткөрүлүүчү майрам).

ИЛЬИ'НЦЫ **ильинчилер** (XIX к. орто ченинде артиллериянын капитаны Н. С. Ильин тарабынан Уралда уюштурулган майда буржуазиячыл диндик секта).

ИМА'М **имам** (1. намаз мезгилинде алдыда туруучу; 2. мусулмандардын диний жетекчилери; 3. сунниттердин ар бир төрт агымынын негиздөөчүсү; 4. шииттердин башкы диний жетекчиси; 5. кээ бир мусулман теократтык мамлекеттердин диний жана административдик-граждандык бийликтерин жеке башкаруучулары; Оман имаматынын Халифи ж. б.).

ИМЕНИ'НЫ (день ангела) **периштенин күнү** (ыйык деп аталган пайгамбарлардын туулган күнүнө карата өткөрүлүүчү диндик майрамдар алардын аты коюлган адамдар үчүн да майрам).

ИНВЕСТИТУ'РА **инвеститура** (орто кылымда католик чиркөөлөрүндөгү епископ, аббат ж. б. у. с. чиркөө кызматкерлерин кызматка бекитүүдө, аларга атайы жасалгаланган диндик мүнөздө кийим, шакек ж. б. кийгизүү ырым-жырымдары).

И'НДЕКС ЗАПРЕЩЕ'ННЫХ КНИГ **тыюу салынган китептердин тизмеси** (католик чиркөөлөрү тарабынан тыюу салынган китеп, журналдардын тизмеси. Тизме 1559-ж. биринчи жолу түзүлүп ага динге каршы багыттагы тарыхый, философиялык табият таануу илимдерине гана эмес, тиешелүү жана айрым көркөм адабий китептерге да тыюу салынган. М.: *Бальзак, Гейне, Франс, Сартр ж. б. чыгармалары*).

ИНДУИ'ЗМ **индуизм** (азыркы Индия калктарынын көпчүлүк бөлүгүнө тараган ар түрдүү диндердин (анимизм, тотемизм, фетишизм ж. б.) чогундусунан келип чыккан диндик көз караштардын системасы).

ИНДУЛЬГЕ'НЦИЯ **индульгенция** («күнөөнүн кечирилгендиги» тууралуу Рим папасынын атынан сатыла турган грамота; бул чиркөөнүн таасирин чыңдоо жана динге ишенүүчүлөрдөн акча өндүрүп алуу үчүн иштелген алдоонун бир түрү).

ИНИЦИА'ЦИЯ **инициация** (эр жеткендикти атайын белгилөө ырым-жырымдары).

ИНКВИЗИ'ЦИЯ **инквизиция** (XIII к. еретиктер менен күрөшүү максатында түзүлгөн полициялык сот мекемеси; инквизиция чиркөөнүн душмандарын мыкачылык менен жазалаган).

ИНКВИЗИ'ЦИЯ В РОССИ'И **Россиядагы инквизиция** (Россияда падышачылык бийлик тарабынан колдоого алынып, чиркөө кызматкерлери тарабынан ерестерге каршы жүргүзүлгөн күрөштүн бир фомасы).

ИННОКЕ'НТЬЕВЦЫ **иннокентийчилер** (1908-ж. монах Иннокений тарабынан негизделген православие дининдеги секта).

ИНТЕРДИ'КТ **интердикт** (католик чиркөөлөрү тарабынан биротоло же убактылуу айрым областтарга, шаар-кыштактарга диндик майрамдарды, ырым-жырымдарды, же чокунууга тыюу салуучу чечим).

И'НФУЛА **инфула** (католик эпископторунун чокунуу учурунда кийүүчү баш кийими).

ИОАННИ'ТЫ **иоанчылар** (XIX к. аягында пайда болгон православие дининдеги монархиячыл секта).

ИО'М-КИПУ'Р **Иом-кипур** (иудей дининдегилердин байыркы убактардан калган ар кандай «күнөөлөрдөн» тазалануу үчүн өткөргөн диндик мүнөздөгү майрамы).

ИО'НЫ КНИ'ГА **Иона китеби** (библиянын «он эки кичүү пайгамбарлар» деп аталган бөлүгү).

ИОРДА'Н **Иордан** (Палестинадагы дарыя, библиядагы легенда боюнча анда Христос чокундурулган имиш).

ИОСИФЛЯ'НЕ **иосифляндар** (1. XV—XVI к. Россиядагы улуу княздык бийликтин борбордошкон мамлекетин бекемдөө күрөшүн колдогон чиркөөлүк-саясий агым; 2. 1927—28-ж. ленинграддык митрополит Иосифтин тегерегине топтолгон Совет бийлигине каршы контрреволюциячыл-монархисттик элементтерден түзүлгөн топ).

ИПЦ **ипц** (истинно-православная церковь — чыныгы православиелик чиркөө).

ИРРАЦИОНАЛИ'ЗМ **иррационализм** (коомдун жана жаратылыштын өсүшүнүн объективдүү закон ченемдүүлүгүн танган идеалисттик диний көз караштын бир тармагы).

ИСА'ИИ ПРОРО'КА КНИ'ГА **Исай пайгамбардын китеби** (библиянын «пайгамбар» китеби же 66 главасы).

ИСИ'ДА **Исида** (байыркы египеттиктердин адамды жандандыруучу «эне кудайы»).

ИСКУПЛЕ'НИЕ **кечирилиш** (1. диндик түшүнүк боюнча адамдар «кудайдын алдында» акарат кылгандыктары үчүн, кутулуш үчүн садага



чаап, битир берүү сыяктуу аракеттер кылса күнөөлөрү кечирилет; 2. диний түшүнүк боюнча Иисус Христостун кыйналып өлтүрүлүшү жана кайрадан тирилиши адамзатты кудайдын каарынан куткарган—деген мифтик түшүнүк).

ИСЛА'М **ислам** (Аравияда VII к. б. а. алгачкы общиналык коомдук түзүлүштөн таптык коомго өтүү процессинде жана анын негизинде феодалдык-теократтык мамлекеттердин бири болгон араб халифатынын түзүлө баштаган кезинде пайда болгон дүйнөлүк диндердин бири).

ИСМАИЛИ'ТЫ **исмаилчилер** (өзүн жетинчи акыркы пайгамбар деп жарыялаган Исмаил тарабынан негизделип Жакынкы жана Орто Чыгыш өлкөлөрүнө VIII к. тараган мусулмандардын шиит тармагына таандык секта).

«ИСПОВЕ'ДАНИЕ ВЕ'РЫ» **«динге тобо кылуу»** (1960-ж. Шотландиянын парламенти кабыл алган закон. Бул закон боюнча кальвинизм мамлекеттик дин катары таанылган).

И'СПОВЕДЬ **тобо кылуу** (христиан дининдегилер өзүнүн «күнөөсүнөн» кутулуу үчүн чиркөө кызматкерлерине бардык болгон окуя же көрүнүштөрдү айтып берүү аркылуу «күнөөдөн арылуу»).

И'СТИННО-ПРАВОСЛА'ВНАЯ ЦЕ'РКОВЬ **чыныгы православиелик чиркөө** (1920-ж. пайда болгон контрреволюциячыл чиркөөлүк топтордон бириккен уюм).

И'СТИННО-ПРАВОСЛА'ВНЫЕ ХРИСТИА'НЕ **чынчыл православиелик христиандар** (1930-ж. башында пайда болгон реакциячыл кулак-монархисттерден түзүлгөн диндик мүнөздөгү топ).

И'СТИННО-ПРАВОСЛА'ВНЫЕ ХРИСТИА'НЕ СТРА'НСТВУЮЩИЕ **чынчыл православиелик христиандар** (XVIII к. II жарымында пайда болгон чиркөөлүк бөлүнүүлөрдөн келип чыккан секта).

ИСТА'ХРА **истахра** (мусулман growth дининде бир нерсени баштаарда сыйынуу адаты).

ИСТОРИ'ЧЕСКАЯ ШКО'ЛА **тарыхый мектеп** (XIX к. аягы, XX к. башында Иисус Христостун тарыхын изилдөө максатын көздөгөн диндик историографиядагы агым).

ИУДАИ'ЗМ **иудаизм** (биздин эрага чейинки I миң жылдыкта байыркы еврей урууларында пайда болгон, еврейлерди «кудай сүйгөн эл» катары пропагандалаган диндик көз караштардын системасы).

ИУДЕ'ЙСКАЯ ВОЙНА' **иудей согушу** (биздин эрага чейинки 66—73-ж. чыккан, иудей дининдеги дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн, римдиктерге жана жергиликтүү аристократтар менен жрецтерге каршы жүргүзгөн көтөрүлүшү).

ИУДЕ'ЙСКОЕ ЦА'РСТВО **Иудей падышачылыгы** (биздин эрага чейинки 935-ж. Түштүк Палестинада орногон алгачкы кул ээлөөчүлүк мамлекети).

ИУДЕ'ЙСТВУЮЩИЕ **иудейчилер** (христиан дини менен иудаизм динин бириктирүүгө аракет кылгандар).

ИУДИ'ФИ КНИ'ГА **Иудифтин китеби** (библиянын мифтик формада жазылган бир бөлүкчөсү).

ИША'Н **эшен** (мистикалык дубаналар орденине тиешелүү мусулман общинасынын башчысы).

ИШТА'Р **иштар** (ассириялыктардын сүйүү жана тукумдоо кудайы).

## К

ҚА **ка** (байыркы египеттиктердин диний түшүнүгү боюнча ар бир кишинин колдоочу периште).

ҚАА'БА **кааба** (Мекедеги ыйык мечит жана андагы кара таш).

ҚАББА'ЛИСТИКА **каббалистика** (орто кылымдагы иудаизм, христиан жана ислам дининдеги кээ бир фанатиктерге таралган диндик мистикалык окуу).

ҚАГА'Л **кагал** (XIII к. XIX к. чейинки еврейлердин жана кээ бир Чыгыш Европа өлкөлөрүндө колдонулуп келген диндик башкаруу системасы).

ҚАДАРИ'ТЫ **кадарчылар** (VII к. аягы, VIII к. башында пайда болгон мусулман дининдегилерден чыккан агым).

ҚА'ДА **када** (орозо кармабай калган күндөрдү толтуруу үчүн кошумча орозо тутуу күндөрү).

ҚА'ДИ **казы** (үй-бүлөчүлүк, диндик жана кээ бир граждандык укук маселелерин шарияттын же салттын негизинде чечүүчү мусулман соту).

ҚАЛА'М **калам** (1. мусулман growth диниnde схоластикалык мазмунуна түшүнбөгөн жаттама окуу; 2. орто кылымдардагы диний идеалисттик философиянын жалпы аты).

ҚАЛЬВИНИ'ЗМ **кальвинизм** (XVI к. пайда болгон протестантизмдин негизги агымдарынын бири. Анын негиздөөчүсү женевалык дин кызматкери Кальвин; ал чиркөөлүк ырым-жырымдарга, иконго чокунууга, диндик майрамдарга каршы чыккан).

ҚАЛЕНДАРИ' РЕЛИГИО'ЗНЫЕ **диний календарлар** (жыл саноолордун башталышын диндик окуяларга байланыштуу жүргүзүү, м.: *мусулманга жыл саноо—Хиджра, Мухаммеддин 622-ж. 16-июлда Мекеден Мединага качышынан башталат*).

ҚАМИЗА'РЫ **камизарлар** (Франциядагы 1702—1705-ж. чиркөөлүк салыктарга жана феодалдык эзүүгө каршы багытталган көтөрүлүшкө катышкандар).

ҚАНОНИЗА'ЦИЯ **канондоштуруу** (христиан чиркөөлөрүндө айрым граждандык кызматтагы адамдарды «ыйык» көтөрүп анын культун киргизүү).

ҚАНО'НИКИ **канониктер** (католик жана англикан чиркөөлөрүндөгү негизги (епископ) чиркөөлөрдүн мүчөлөрү).

ҚАНОНИ'ЧЕСКОЕ ПРА'ВО **канондук укук** (укуктардын негизги эрежеси; православие чиркөөлөрүндөгү диндик жана граждандык укуктарды өз ичине алган законлордун жыйнагы).

ҚАНО'НЫ **канондор** (чиркөөлөрдө «ыйыктарга» арналып ырдалуучу атайын ырлар).

ҚАПЕ'ЛЛА **капелла** (католик жана англикан чиркөөлөрүндө чиркөөгө тиешелүү буюмдар сакталуучу жана сыйынуу, чокунуу өткөрүлүүчү көп чоң эмес имарат).

ҚАПЕЛЛА'Н **капеллан** (1. католик чиркөөлөрүндөгү башкы поп; лютеран чиркөөлөрүндөгү башкы дин кызматкерлеринин жардамчысы; англикан чиркөөлөрүндөгү жеке үйдөгү диндик кызматты аткаруучу; 2. буржуазиялык бийлик башында турган өлкөлөрдө согуш кызматкерлерин тейлөөчү дин кызматкери).

ҚАПИТУ'Л **капитул** (англикан жана католик чиркөөлөрүндө епископ же негизги собордун алдында уюштурулган чиркөө кызматкерлеринин коллегиясы).

ҚАПУЦИ'НЫ **капуциндер** (XVI к. биринчи жарымында пайда болгон католиктердин жакырданган орденинин монахтары).

ҚАРАИ'МЫ **караимдер** (XIII к. пайда болгон Талмудга каршы иудей дининдеги секта. Алар инжилди гана колдошкон).

ҚАРДИНА'Л **кардинал** (католик чиркөөлөрүнүн иерархиясында пападан кийинки диндик титул).

ҚАРЛОВЧА'НЕ **карловицалыктар** (1917-ж. революциядан кийин Россиянын эмиграцияга качып кеткен православие чиркөө кызматкерлеринин реакциячыл тобу).

ҚА'РМА **карма** (брахманизм, буддизм жана индуизм диндеринде адамдардын коомдук турмуштан алып турган ордун түшүндүрүүгө аракет кылган догматтардын бири).

ҚАРМА'ТЫ **карматтар** (IX—X к. Түштүк Месопотамияда пайда болгон мусулман дининин антифеодалдык сектасы).

ҚАРМЕЛИ'ТЫ **кармелиттер** (1156-ж. Палестинада негизделген католиктик монахтар орденинин мүчөлөрү).

ҚАРПОКРАТИА'НЕ **карпократчылар** (II к. христиан жана бутпарас диндерин бириктирүү аракетинен пайда болгон секта).

ҚАРТЕЗИА'НСКИЙ О'РДЕН **картезиан ордени** (1084-ж. Түштүк Франциянын Шартрез деген жеринде уюшулган католик дининдеги монахтар ордени).

ҚА'СТА **каста** (Индияда жана Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө өзүнүн укугу жана теги жагынан бириккен коомдук топ. М.: *кастанын кыз алып, кыз берүү сыяктуу үрп-адат кастанын ичинде гана жүргүзүлөт; кастанын өзүнүн адаттары жана закондору бар*).

ҚАТАҚО'МБА **катакомба** (байыркы римдеги алгачкы христиандардын диндик ырым-жырымдарды өткөрүү үчүн жашыруун атайы жер астына жасалган үйлөрү).

ҚАТА'РЫ **катарлар** (XI—XIII к. Батыш Европада таралган орто

кылымдык, христиан диниидеги ерестер. Алар чиркөөлөрдүн жана дин кызматкерлеринин үстөмдүгүнө каршы чыгышкан).

ҚАТЕХИ'ЗИС катехизис (орус жана грек чиркөөлөрүндө динге ишенгендер тарабынан аткарууга тийиш болгон эрежелердин жыйнагы Катехизис революцияга чейинки Россиянын мектептеринде милдеттүү түрдө сабак катары окутулган).

КАТО'ЛИК католик (католик динниндеги адам).

КАТОЛИКО'С католикос (грузин, православие жана армян чиркөөлөрүндөгү дин кызматкерлеринин иерархиялык башкы титулу. Азыркы убакта бул титул армян-грегорян чиркөөлөрүндө колдонулат).

КАТОЛИЦИ'ЗМ католицизм (рим папасы башкарган негизги христиан дининин бир тармагы).

КАТОЛИ'ЧЕСКАЯ ФИЛОСО'ФИЯ католик философиясы (католик дининин жана чиркөөлөрүнүн догмаларын чындыкка чыгарууга аракеттенген жана аны колдогон идеалисттик философиялык көз караштардын системасы. Азыркы учурда католиктердин негизги философиясы неотомизм).

КАТОЛИ'ЧЕСКИЕ ПА'РТИИ католик партиялары (католик чиркөөлөрү менен тыгыз байланышта жана анын диндик көз караштарын саясий маселелерге пайдаланган буржуазиялык партиялар. М.: Германияда гитлердик режимге чейинки борбордук католик партиясы; Австриядагы — христиан-социал партиясы ж. б.).

«КАТОЛИ'ЧЕСКОЕ ДЕ'ЙСТВИЕ» «католиктик иш-аракеттер» (католик динниндеги көп сандаган уюмдардын жаштар, аялдар, профсоюздардын ж. б. ассоциациясы).

КА'ФИР каапыр (мусулман динниндегилерден түшүнүгү боюнча бөлөк диндеги адамдар).

КВА'КЕРЫ квакерлер (XVII к. Англияда пайда болгон чындыкты «ыйык китептерден» издебестен, адамдардын ички сезиминен издеш керек деп үгүт тараткан протестант динниндеги секта).

КИБЕ'ЛА кибела (Кичи Азия мифологиясы боюнча кудайлардын энеси).

КИ'БЛА кыбыла (мусулман диниидегилер намаз окуучу Меке жак тарап).

КИ'СВА кисва (мусулман дининдеги кызматкерлердин Кааба храмында атайын кийүүчү тыш кийими. Анын ар кайсы жерине курандын үзүндүлөрү жазылып жыл сайын алмаштырып турат да аны жыртып, Мекеге ажыга баргандарга сатышат).

КИЕ'ВО-МОГИЛЯ'НСКАЯ АКАДЕ'МИЯ Киев-Могилянолук академия (1631-ж. украиналык чиркөө ишмери митрополит Петр Могило тарабынан негизделген жогорку диндик окуу жайы. Алар польшалык пандар жана католик чиркөөлөрүнүн үстөмдүгүнө каршы күрөш жүргүзүшкөн).

КИ'ЕВО-ПЕЧЕ'РСКАЯ ЛА'ВРА Киев-Печера лаврасы (1051-ж. Ярослав Мудрый тарабынан негизделген байыркы орус монастры).



КЛЕРИКАЛИ'ЗМ клерикализм (буржуазиялык өлкөлөрдө: чиркөөнүн саясий жана маданий таасирин күчөтүүгө аракет кылган реакциячыл агым).

КЛИ'РОС клирос (православие чиркөөлөрүнүн диндик окуу, ыр аткаруучу жери).

КЛОБУ'К клобук (митрополиттер, патриархдар кийүүчү баш кийим).

КЛЮ'НИ клюни (Бургундияда 810-ж. герцог Аквитанский тарабынан негизделген монастыр).

КЛЮНИ'ЙСКАЯ РЕФО'РМА клюни реформасы (X—XI к. Клюни монастрынын демилгеси менен католик чиркөөсүн бекемдөөгө, папанын бийлигин чыңоого багытталган реформа).

КНИ'ГА МЕРТВЫХ өлүктөр китеби (биздин эрага чейинки XVI к. байыркы египеттиктердин папируска түшүрүлгөн окуусу. Бул жазманы өлгөн кишинин мүрзөсүнө кошо көмүшкөн).

КОАДЬЮ'ТОР коадьютор (католик чиркөөлөрүндөгү эпископтун жардамчысы).

«КО'ДЗИКИ» «кодзики» (байыркы япондордун чыгышын мифтик мазмунда баяндаган чыгармалар жыйнагы).

КОЛЛЕ'ГИЯ КАРДИНА'ЛОВ кардиналдар коллегиясы (католик чиркөөлөрүндөгү кардиналдардын бириккен чогулушу).

КО'ЛОКОЛ коңгуроо

КОЛЯ'ДКИ коляда (славян элдерине таралган жаңы жылда ырдалуучу ырым-жырым ыры).

КОНГРЕГА'ЦИИ конгрегациялар (Ватикандын башкаруу аппараты).

КОНГРЕГАЦИОНАЛИ'СТЫ конгрегациячылар (Англияда XVI к. 2-жарымында королдун абсолюттук бийлигине, англикан чиркөөлөрүнүн үстөмдүгүнө каршы күрөш жүргүзүшкөн, кальвинизмди жактаган агым).

КОНДА'К кондак (христосту жана башка «ыйык пайгамбарларды» мактап ырдалуучу кыска ырлар).

КОНКЛА'В конклав (кардиналардын жаңы папаны шайлоочу жана ошол чогулуш өткөрүлүүчү бөлмө).

КОНКОРДА'Т конкордат (бул же тигил мамлекеттерде католик дининин ролун, ордун белгилеген Рим Папасы менен ал мамлекеттин ортосундагы официалдуу келишим).

КОНСИСТО'РИЯ ДУХО'ВНАЯ дин консисториясы (падышачылык Россия учурундагы, чиркөөлүк-административдик сот органы. Бул уюм падышачылык Россиянын реакциячыл саясаттарын колдоо менен ар кандай административдик, соттук иштерди жүргүзүшкөн).

КОНТРРЕФОРМА'ЦИИ контрреформация (XVI—XVII к. Батыш Европада, папа тарабынан уюштурулган, католик бийлигин чыңоо менен реформациячыл көз караштарга сокку урууга багытталган саясий-чиркөөлүк агым).

**КОНФИРМА'ЦИЯ** **конфирмация** (7—12 жаштагы балдардын католик чиркөөлөрүнүн диндик ырым-жырымдарды өткөрүү аркылуу диндик ишенүүлөргө тартылышы).

**КОНФУЦИА'НСТВО** **конфуцийчилик** (Кытайда кеңири тараган диний агымдардын бири — ата-бабанын арбагын сыйлоо, кыйшаюусуз баш ийүү, гумандуулук этикасын таратат).

**ҚОРА'Н** **куран** (ислам дининин «ыйык» китебинин аты. *к.* диний догматтардын жана укук маселелеринин жыйнагы; куран үчүнчү араб Халифи Османдын учурунда (644—656-ж.) жазылган, ал 114 сүрөөдөн (главадан) турат).

**ҚРОИНФЯ' НАМ ПОСЛА'НИЯ АПО'СТОЛА ПА'ВЛА** **апостол Павелдин корифтиктерге жиберген каты** (байыркы христиандардын I к. таандык диний чыгармасы).

**ҚОСМОГО'НИЯ** **космогония** (астрономиянын ааламдагы жылдыздардын чыгышын жана пайда болушун үйрөнүүчү бөлүмү).

**ҚОСМОЛО'ГИЯ** **космология** (ааламды байланыштуу бир бүтүн нерсе деп кароочу окуу).

**ҚОСТЕЛ** **костёл** (поляктардын католиктик храмы).

**ҚОЩУ'НСТВО** **акарат айтуучулук** (диний түшүнүктөрдү, тартиптерди, ырым-жырымдарды мыскылдоочулук).

**КРЕАЦИОНИ'ЗМ** **креационизм** (ааламды, айрыкча жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү «кудай жараткан» деп эсептеген реакциячыл теория).

**ҚРЕСТ** **крест** (христос керилген деп эсептелип христиандардын сыйынуучу буюму).

**КРЕ'СТНЫЕ ОТЕЦ, МАТЬ** **чокундурган ата, эне** (баланы христиан динине чокундурууда анын кепилин мойнуна алган аял же эркек).

**КРЕ'СТНЫЙ ХОД** **крест жүрүшү** (крест, икона ж. б. менен аткарылуучу диний ырым-жырым).

**ҚРЕСТО'ВЫЕ ПОХО'ДЫ** **крест жортуулдары** (XI—XIII к. талоончулук максатында батыш Европадан чыгышты көздөй уюштурулган басып алуучулук чабуулдары. Бул чабуул 8 жолу уюштурулуп аны крестчилер «ыйык» согуш деп аташкан).

**КРЕЩЕ'НИЕ** **чокундуруу** (жаңы туулган балдарды же чоң кишилерди да, жаңы динге киргенин ырастап, чиркөөдө сууга чөмүлтүп же суу чачып чокундуруу ырымдары).

**КРЕЩЕ'НИЕ РУСИ'** **орустарды чокундуруу** (X к. аягында орустарды христиан динине киргизүү окуясы).

**КРЕЩЕ'НИЕ ХРИСТО'СА** **Христосту чокундуруу** (Христи, «пайгамбар» Иоан тарабынан чокундурулган деген диний окуу. Христиандардын майрамдарынын бири).

**КРИ'ТОР** **критор** (православие чиркөөлөрүндөгү староста).

**КРИ'ШНА** **кришна** (байыркы индустардын мал өстүрүүчүлүк жана аны коргоочу кудайы).

**КРОВА'ВЫЕ ДОЖДИ'** **кандуу жаан** (кудайдын жүзүнүн нуру деп түшүндүрүүчү айрым учурда жаратылышта кездешүүчү кызыл түстөгү жамгыр).

**ҚРО'НОС** **кронос** (байыркы гректердин башкы кудайы).

**«ҚРУГОВРАЩЕ'НИЕ МА'ЙДАРИ»** **«майдаринин айланышы»** (лама дининдеги элдердин Майдари кудайына арнап өткөрүүчү диндик мүнөздөгү майрамы).

**ҚСЕНДЗ** **ксёндз** (польшалык католиктердин дин кызматкери).

**ҚУЛЬТ** **сыйынуу** (бул же тигил диндик агымдардагы сыйынылуучу «касиеттүү» нерселер).

**ҚУЛЬТУРКА'МПФ** **культуркампф** (Германияда католик дининдеги кызматкерлерге каршы Бисмарк тарабынан кабыл алынган закон).

**ҚУМРА'НСКИЕ СВИ'ТКИ** **кумран кол жазмалары** (1947—1953 ж. Иорданиянын Кумран деген жеринде табылган диндик мүнөздөгү эң байыркы кол жазмалар).

**ҚУПА'ЛА** **Купала** (байыркы славяндарда күндүн, жарыктын, оттун, суунун, сүйүүнүн жана түшүмдүн кудайы).

**ҚУРБА'Н-БА'ЙРАМ** **курман-майрамы** (мусулман дининде курмандыкка мал союшуп өткөрүүчү майрам).

**ҚУ'РИЯ** **курия** (Ватикан башчылык кылган папа бийлигинин борбордук башкаруу-административдик мекемелеринин жалпы аты).

**ҚУСУ'Ф** **кусуф** (мусулман дининдегилердин күн тутулганда сыйынуусу).

**ҚЮРЕ'** **кюре** (Францияда католик епархиясынын башында турган дин кызматкери).

## Л

**ЛА'ВРА** **лавра** (революцияга чейинки Россияда чоң монастырлардын аты).

**ЛА'ДАН** **ладан** (тропикалык жыгачтардын тамырынан жасалган жыттуу чайыр).

**ЛА'ДАНКА** **ладанка** (ладанды сактоочу кичине баштыкча).

**ЛА'МА** **лама** (кечил, будда монахы).

**ЛАМАИ'ЗМ** **ламаизм** (буддизмдин бир тибет-монгол тармагы, агымы, *к.* буддизм).

**ЛА'МБЕТСКИЕ КОНФЕРЕ'НЦИИ** **ламбет конференциялары** (Англикан чиркөөлөрүнүн епископторунун 1866-ж. тартып Лондондун Ламбет дворецинде өткөрүлүүчү, ар бир он жылда чакырылып туруучу съезди).

**ЛАМПА'ДА** **лампада** (икондун алдына жагылуучу чырак).

**ЛАТЕРА'НСКИЕ ДОГОВО'РЫ** **латеран келишими** (1929-ж. 11-февралда Ватикан менен Муссолининин фашисттик өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн келишим).

**ЛАТО'НА** **Латона** (байыркы гректердин аялдар кудайы).

ЛЕВИ'ТЫ **левиттер** (иерусалим храмынын жрецтери).

ЛЕГА'Т **легат** (папанын буйруктарын башка өлкөлөрдө ишке ашыруучу дипломатиялык милдетти аткаруучу дин кызматкери).

ЛЕЛЬ **Лель** (байыркы славяндардын «сүйүү кудайы»).

ЛЕТАРГИ'Я **летаргия** (көп убакытка созулган оорулуу уйку, диний түшүнүк боюнча мындай абал өлүп тирилүү катары түшүндүрүлөт).

ЛЖЕИСИ'ДОРОВЫ ДЕКРЕТА'ЛИИ **жалган Исидордун декреталиясы** (чиркөө документтеринин (IX—XII к. таандык) туура эмес түшүндүрүлгөн жыйнагы).

ЛИВО'НСКИЙ О'РДЕН **ливон ордени** (католиктердин (XIII—XVI к.) согуштук монахтар ордени. Ордендин негизги максаты, феодалдык католиктик саясатты Прибалтика, ал аркылуу орус жерине таратуу болгон).

ЛИТУРГИ'Я **литургия** (христиан ж. б. диниңдегилердин эртең менен же түшкө жакын чиркөөдө өткөрүлүүчү, окулуучу намазы).

ЛИНГАЯ'ТЫ **лингаяттар** (XII к. пайда болуп, Индияга тараган диндик мүнөздөгү секта. Алар индуизм дининин айрым догматтарын айыптап, феодалдык эзүү, касталык бөлүнүш системаларына каршы чыгышкан).

ЛО'ЛЛАРДЫ **лоллардар** (XIV к. пайда болгон дыйкан—плебейлердин Англиядагы ерестер кыймылы).

ЛЮ'ДИ ПЯ'ТОГО ЦА'РСТВА **бешинчи падышачылыктын элдери** (XVII к. Англияда пайда болгон диндик мүнөздөгү секта).

ЛЮТЕРА'НСТВО **лютеранчылык** (XVI к. протестантизмдин немец реформатору Мартин Лютер негиздеген негизги формаларынын бири).

## М

МА **Ма** (байыркы Каппадокия (Кичи Азия) калктарынын эне кудайы).

МА'ВЛИД **мавлид** (мусулмандардын Мухаммед пайгамбардын туулушуна байланыштуу өткөрүлүүчү диндик майрам).

МА'ГИ **маги** (байыркы Мидия калктарынын жрецтери).

МА'ГИЯ **магия, сыйкырчылык, көз боёмолоочулук** («сыйкырдуу» ырым-жырымдар аркылуу айлана чөйрөгө адам таасир кыла алат—деген диний түшүнүк).

МАГОМЕТА'НСТВО **Мухаммед пайгамбардын дини** (исламдын эскирген атоосу).

МАЗА'Р **мазар** (мусулмандардын «касиеттүү» деп сыйынуучу жерлери).

МАЗДАИ'ЗМ **маздаизм** (байыркы Мидия жана Азербайджандын дуалисттик дини).

МА'ЗХАБ **мазхаб** (мусулман-сунниттердин диндик мектеби).

МАЙТРЕ'Я **Майтрея** (буддизм дининде келечекте динди бекемдөөчү кудай).



МА'ЙЯ **Майя** (1. индуизм диниңдеги «кудайга гана таандык» жеңилгис күч; 2. будданын энесинин аты).

МАККАВЕ'ЕВ КНИ'ГИ **Маккавейлердин китептери** (биздин эрага чейинки IV—II к. еврейлердин тарыхын бурмалаган, ар бөлөк авторлор тарабынан жазылган, 4 бөлүктөн турган китепче).

МАЛЕВАНЦЫ **малеванныйчылар** (XIX к. 90-ж. Киев губерниясында, баптист Кондратий Малеванный тарабынан түзүлгөн христиан сектасы).

МАММО'НА **Маммона** (байыркы сириялыктардын байытуучу кудайы).

МА'НА **мана** (Меланезия жана Полинезия калктарынын диний түшүнүгүндө «көрүнбөгөн сыйкырдуу күч»).

МА'НДУБ **мандуб** (шариаттын негизинде иштелүүчү диний ырым-жырым).

МАНИХЕ'ЙСТВО **манихейчилик** (чыгыштын эң байыркы диндеринин бири. Ал зороастризм, христиан жана гностицизмдин айрым элементтерин кучагына алат).

МА'НУ ЗАКО'НЫ **Ману закону** (брахманизм динине ишенген ар бир индус, үй-бүлөдө жана коомдо аткарууга милдеттүү болгон закондордун жыйнагы).

МА'РА **Мара** (буддизм дининде өлүмдүн кудайы).

МАРАБУ'ТЫ **марабуттар** (1. орто кылымдагы Түндүк Африка калктарында колдонулган согушчул монахтар, дербиштер уюму; 2. алдамчы, эмчи-домчу).

МАРДУ'К **Мардук** (байыркы вавилондуктардын башкы кудайы).

МАРКИО'Н **маркион** (II к. христиан дининен чыккан еретиктердин бир тармагы, тобу).

МАРТИРОЛО'Г **мартиролог** (христиандардын дин үчүн өзүнүн жанын кыйып азап чеккен адамдардын өмүрүн баяндаган чыгармаларынын жыйнагы).

МАРЬЯ'НОВЫ **марьяновчулар** (XIX к. 70-ж. Харьков губерниясында пайда болгон христиан секталарынын бир тармагы).

МА'СЛЕНИЦА **масленица** (славяндардын бир нече күнгө созулган жаз майрамы).

МАСО'НСТВО **масончулук** (XVIII к. Англияда пайда болуп, кийин көпчүлүк өлкөлөргө тараган мистикага негизделген диний жашыруун коом).

МАСОРЕ'ТЫ **масореттер** (байыркы еврейдин «эски диндик осуяттардын» туура окулушун түшүндүрүүчү баяндама грамматикалары).

МАТЕРИАЛИ'ЗМ **материализм** (бардык нерсенин башталгыч негизи дух эмес, материя, объективдүү дүйнө акыл-эске, ойго көз каранды эмес, дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүгүн билүүгө болот деген философиялык багыт; бул агым идеализмге карама-каршы).

МАТЕ'РИЯ **материя** (адамдын аң-сезиминен тышкары болуучу жана ага көз каранды болбогон объективдүү реалдуулук).

МАХАБХА'РАТА **махабхарата** (көпчүлүк бөлүктөрү диндик, мифологиялык сюжеттерден турган Индия калкынын эпикалык поэмасы).

МАХА'Я'НА **махаяна** (I—II к. пайда болгон буддизм динииндеги агым).

МА'ХДИ **махди** (мусулман шииттердин мистикалык мүнөздөгү окуусу).

МА'ХР **махр** (мусулмандардын аял алганда берилүүчү калыңы).

МАЦУ'РИ **мацури** (Японияда синтоисттик храмдардын майрамы).

МЕДРЕСЕ' **медресе** (мусулмандардын жогорку диний мектеби).

МЕЛЬКА'РТ **Мелькарт** (байыркы финикиялыктардын шаарды сактоочу кудайы).

МЕННОНИ'ТЫ **меннониттер** (XVI к. Түндүк Германиядагы, дыйкандардын согушунун (1524—25-ж.) жеңилишине байланыштуу пайда болгон диндик агым).

МЕРКУ'РИЙ **Меркурий** (байыркы римдиктердин соода кудайы).

МЕССИАНИ'ЗМ **мессианизм** (азыркы кездеги көпчүлүк диний агымдарга мүнөздүү «азаптан куткаруучу» сыйкырдуу күчтүн келе турганлыгына ишенүүчүлүк).

МЕССИ'Я **мессия** (байыркы еврейлердин жер жүзүндөгү зомбулук кудайдын өкүлү келгенде жоготулуп, анын ордуна кудайдын бийлиги орнотулат деген окуусу).

МЕСЯЦЕСЛО'В **месяцеслов** (христиан чиркөөлөрүндөгү динге байланыштуу даталардын календары).

МЕТАФИ'ЗИКА **метафизика** (жаратылыштын жана коомдун кубулуштарын бири-бирине байланышсыз, кыймылсыз жана дайыма тынчтык түрдө турат деп кароочу, кубулуштардын ички каршылыктарын тануучу метод; бул метод маркисттик диалектикалык методго карама-каршы).

МЕТОДИ'СТЫ **методисттер** (XVIII к. башында Англияда пайда болгон, кийинчерээк АКШ, Канада ж. б. өлкөлөргө тараган протестант дининин бир тармагы).

МЕЧЕ'ТЬ **мечит**

МИДРА'Ш **мидраш** (иудей дининин таасиринде жазылган орто кылымга таандык адабий чыгарма).

МИЛЛЕНА'РИИ **милленарийлер** *к.* **Хилиазм.**

МИ'МБАР **мимбар** (мечитте молдонун куран окуучу жолдорду сактоо кудайы).

МИН **мин** (байркы египеттиктердин соода, кербен жана жолдорду тактоо кудайы).

МИНАРЕ'Т **мунара** (мечиттин үстүндөгү азан чакырылуучу жери).

МИНЕ'И ЧЕ'ТЬИ **минеи четьи** (XVI к. митрополит Макарий тарабынан түзүлгөн «пайгамбарлардын» өмүр баяндарынын жыйнагы).

МИНЕ'РВА **Минерва** (байыркы римдиктердин акылдуулук, ойлоп чыгаруучулук, кол өнөрчүлүк кудайы).

МИНЕ'Я **минея** (православиеликтердин диний китеби).



МИНОРИ'ТЫ **минориттер** (католик динииндеги орто кылымга таандык жакырдандан монахтар орденинин мүчөлөрү).

МИ'РО **миро** (падышаларды такка отургузуу мезгилинде, диндик маанилүү окуяларды өткөрүүдө чиркөөдө күйгүзүлүүчү жыттуу нерсе).

МИРОВОЗЗРЕ'НИЕ РЕЛИГИО'ЗНОЕ **диндик көз караштар**

МИРОПАМА'ЗАНИЕ **миро сүйкөө, шыбоо** (христиан динине чокундурууда сыйпалуучу жыттуу миро майы).

МИССИОНЕ'Р **миссионер** (колониялык өлкөлөргө үстөмдүк кылган өлкөнүн официалдуу динин таратуучу өкүлү).

МИССИОНЕ'РСТВО **миссионерчилик** (башка диндеги элдердин арасында христиан динин таратуучулук. Бул аракет дайыма империализмдин колониялык саясатына байланыштуу жүргүзүлөт).

МИСТЕ'РИИ **мистерии** (кудайга сыйынуунун жашыруун формаларынын бири).

МИ'СТИК **мистик** (динге, мистикага, «сыйкырдуу күчтөргө» ишенген киши).

МИ'СТИКА **мистика,** *к.* **мистицизм.**

МИСТИЦИ'ЗМ **мистицизм** (кереметке, сыйкырга, табияттын закондоруна багынбай турган «сырдуу күчтөрдүн» бардыгына ишенүүчүлүк).

МИ'ТРА **Митра** (1. православия динииндеги башкы епископтордун баш кийими; 2. байыркы ирандыктардын Асман, Күн, тазалык жана чындык кудайы).

МИТРАИ'ЗМ **митраизм** (биздин эранын башында Иранга, Кичи Азияга жана Рим империясына тараган христиан диндердин бири).

МИТРОПОЛИ'Т **митрополит** (православие дининде епископтордун эң жогорку наамы).

МИФОЛОГИ'ЧЕСКАЯ ШКО'ЛА **мифологиялык мектеп** (теологияда Иисус Христостун чындыкта болгонун танган агым).

МИФОЛО'ГИЯ **мифология** (кудайлар, периштелер, шайтандар ж. б. сыйкырдуу нерселер жөнүндө баяндаган элдик оозеки чыгармалар).

МИХРА'Б **михраб** (мечиттин ичиндеги кыбыла жагындагы оюгу).

МОДЕРНИ'ЗМ **модернизм** (христиан дининин кээ бир жоболорун сындап, аны азыркы замандын таламдарына ылайыкташтырууга аракеттенген XIX к. аягы, XX к. башында пайда болгон агым).

МОИСЕ'Й **Моисей** (иудей дининин «негиздөөчүсү»).

МОЛЕ'БЕН **молебен** (чиркөөдө өткөрүлүүчү кыскача чокунуу).

МОЛИ'ТВА **намаз окуу, чокунуу** (динчил адамдардын «ыйык» күчтөргө, кудайга кайрылып окулуучу канондоштурулган тексттердин үзүндүлөрү).

МОЛИ'ТВЕННИК **молитвенник** (чокунуу эрежелеринин жыйнагы).

МОЛОКА'НЕ **молокандар** (XVIII к. аягында Россияда пайда болгон христиан динин бир сектасы).

МО'ЛОХ **молох** (1. байыркы финикиялыктарда каардын кудайы; 2. курмандыкты талап кылуучу ырайымсыз күчтүн символу).

МОНАСТЫ'РСКИЙ ПРИКА'З **монастырдык приказ** (1649-ж. падышачылык бийлик тарабынан борбордошкон феодалдык орус мамлекетин түзүү үчүн жүргүзүлгөн күрөштүн негизинде монастырларды мамлекетке баш ийдирүү максатында түзүлгөн мекеме).

МОНАСТЫ'РЬ **монастырь** (христиан монахтарынын, уюмунун негизги формасы).

МОНА'Х **монах, кечил** (диний общинага өз ыктыяры менен кирип анын уставдарын монастырда кыйшаюусуз аткарууга ант берген адам).

МОНА'ШЕСКИЕ ОРДЕНА' **монахтар ордендери** (католик динииндеги монахтардын папа тарабынан бекитилген уставын кабыл алган бирикмеси, союзу).

МОНОТЕИ'ЗМ **монотеизм** (бир гана кудайга сыйынуучулук).

МОНОФЕЛИ'ТСТВО **монофелитчилик** (христиан дининдеги VII к. пайда болгон бир кудайга же алла-таалага сыйынууга чакырган окуу).

МОНОФИЗИ'ТСТВО **монофизитчилик** (V к. Византияда пайда болгон «Христоско бир эле өзгөчөлүк-керемettүүлүк мүнөздүү» деген диндик окуу).

МОНСЕНЬО'Р **монсеньор** (Францияда епископтун титулу).

МОНТАНИ'СТЫ **монтанчылар** (II к. пайда болгон алгачкы христиан дининдеги агым, секта).

МОРА'ЛЬ **мораль** (адамдардын идеологиялык жана психикалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мүнөздөлүүчү коомдук сезимдин жашоо жүрүш-туруш эрежелеринин жыйындысы жана формасы).

МОРА'ЛЬ КОММУНИСТИ'ЧЕСКАЯ **коммунисттик мораль** (коммунизмдин куруучуларынын жүрүш-туруш эрежелеринин принциптери жана нормалары: гуманизм, патриотизм, адамдын керт башын сыйлоо, таптык принциптерге тилектештик, интернационализм, коллективизм, эмгекчилердин боштондугу үчүн күрөшүү ж. б.).

МОРА'ЛЬНЫЙ КО'ДЕКС СТРОИ'ТЕЛЯ КОММУНИ'ЗМА **коммунизмди куруучунун моралдык кодекси** (КПССтин XXII съездинде кабыл алынган партиянын Программасында илимий негизделген коммунисттик моралдын принциптери).

МОРА'ЛЬ РЕЛИГИО'ЗНАЯ **диндик мораль** (диний түшүнүктөргө негизделген моралдык принциптер).

МОРМО'НЫ **мормондор** (Америка Кошмо Штаттарында 1827—30-ж. пайда болгон христиандык секта).

МО'ЩИ **мощи** (өлгөн кишинин чирибей сакталып калган сөөгү; чиркөө мындайларды «олуя» деп жарыялап, аларга сыйынышкан).

МУЗЕ'Й АТЕИ'ЗМА **атеизм музейи** (илимий атеизмди пропагандалоочу маданий-агартуу мекемеси).

МУЛЛА' **молдо** (ислам дининдеги дин кызматкери).

МУЛТА'НСКОЕ ДЕ'ЛО **мултандар иши** (удмурт дыйкандарын христиан дининдеги балдарды курмандык үчүн өлтүрдүңөр деген жалаа менен жүргүзүлгөн сот процесси).



МУРАШКО'ВЦЫ **Мурашкочулар** (XX к. 20-ж. Батыш Белоруссияда авантюрист, кулак Мурашко тарабынан уюштурулган реакциячыл көз караштагы секта).

МУСУЛЬМА'НСТВО **мусулманчылык, мусулман дини, к. ислам.**

МУТАЗИЛИ'ТЫ **мутазилиттер** (VIII к. аягында Багдад халифатында пайда болгон диндик агым).

МУ'ФТИЙ **муфтий** (ислам дининдеги граждандык жана диний маселелерди чечүүчү кызмат жана өлкөдөгү диний мекеменин башчысы).

МУЭДЗИ'Н **муэдзин** (мечитте азан чакыруучу дин кызматкери).

МЮРИ'Д **мюрид** (эшен жана шейхтин жардамчысы).

МЮРИДИ'ЗМ **мюридизм** (ислам дини таралган өлкөлөрдүн айрым дарыдагы мистикалык диний агым).

МЯСОЕ'Д **эт жеш** (православиеде—рождестводон улуу постко чейинки мезгил).

## Н

НА'БУ **Набу** (вавилон мифологиясында—акылмандуулуктун кудайы).

НАГУАЛИ'ЗМ **нагуализм** (борбордук Америка элдерине тараган, диндик ар бир кишинин сактоочу периштеси бар имиш деген диний түшүнүк).

НАЗАРЕ'НЫ **назарендер** (XIX к. 20-ж. Венгрияда таралган христиан сектасы).

НАМА'З **намаз** (мусулмандардын күнүнө беш маал окулуучу диндик зыяраты).

НАСТА'ВНИК **тарбиялоочу, жетекчи** (эски ырым-жырымды колдонушкан беспоповщиндер (попторсуз) общинасынын шайланган жетекчиси).

НАУ'ЧНО-АТЕИСТИ'ЧЕСКАЯ ПРОПАГА'НДА **илимий-атеисттик пропаганда** (КПССтин жетекчилиги астында диний көз караштардан куткаруу боюнча жүргүзүлүүчү чаралар).

НАЦИОНА'ЛЬНЫЙ СОВЕ'Т ЦЕРКВЕ'Й ХРИСТА' **христиан чиркөөлөрүнүн Улуттук Совети** (Америка Кошмо Штаттарында 1908-ж. кээ бир протестант чиркөөлөрүн, ал эми, 1948-ж. кээ бир православия чиркөөлөрүнүн биригишинен пайда болгон диний уюм).

НАЧЕТЧИК **начётчик** (эски ырым-жырымчылдардын диний догмаларды жакшы билген дин кызматкери жана общинасынын жетекчиси).

НЕБЕ'СНЫЕ ЗНА'МЕНИЯ **асмандын жышааны, белгиси** (диндик түшүндүрүлүүчү жаратылышта сейрек учуроочу, айрыкча, асмандагы планеталарда, космосто болуучу көрүнүштөр диний асмандагы жашаан, белги деп түшүндүрүшкөн).

НЕЕ'МИИ КНИ'ГА **неемийдин китеби** (биздин эрага чейинки V к. таандык библия китептеринин бири).

**НЕЙТ нейт** (байыркы египеттиктердин куралды жана кийим токуучуларды сактаган аял кудайы).

НЕМОЛЯКИ' **чокунбоочулар** (Дондо пайда болгон эски ырым-жырымдарды колдошкон сектанын бир түрү).

НЕОПЛАТОНИ'ЗМ **неоплатонизм** (Рим империясы ыдырай баштаган III—IV к. пайда болгон мистикалык философиялык агым).

НЕОСХОЛА'СТИКА **неосхоластика** (орто кылымдагы схоластиканын «жаңыланган» түрү).

НЕОТОМИ'ЗМ **неотомизм** (католик чиркөөсүнүн азыркы мезгилге ылайыкташтырылган официалдуу философиясы).

НЕПЛАТЕ'ЛЬЩИКИ **төлөбөөчүлөр** (XIX к. Урал заводундагы жумушчулардын арасында пайда болгон эски ырым-жырымды жактаган диндик секта).

НЕПОГРЕШИ'МОСТЬ **күнөкөр болбоочулук** (Рим папасы диндик догматтарды турмушка аткарып жаткандыктан «кудайдын алдында» эч убакта күнөөлүү болбой тургандыгын бекемдеп, 1870-ж. чыгарылган укук закону).

НЕПТУ'Н **Нептун** (байыркы италиялыктардын суу, деңиз, кудайы).

НЕРЕ'ИДЫ **нерейды** (байыркы грек мифологиясындагы деңиз чалы Нереянын кызы. Ал деңизге чыккан адамдарды кырсыктан сактайт деп түшүндүрүлөт).

НЕСТОРИА'НСТВО **несторианчылык** (христиан динин V к. Византиянын чыгыш провинцияларында православиеге каршы пайда болгон сектасы).

НЕТЕРПИ'МОСТЬ РЕЛИГИО'ЗНАЯ **башка динге жол бербөөчүлүк** (диний фанатизмдин, башка динге ишенүүчүлүктү куугунтуктоонун бир көрүнүшү).

НИКЕ'ЙСКИЙ СОБО'Р **никей собору** (Рим империясындагы христиан чиркөөлөрүнүн эпископторунун император Константин тарабынан 325-ж. биринчи жолу Никее шаарында өткөрүлгөн чогулушу).

НИКОЛАИ'ТЫ **Николаиттер** (1. Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүндө уюштурулган алгачкы христиан секталарынын бири; 2. католиктик дин кызматкерлердин, кайра куруу учурундагы аялдарга үйлөнбөө талаптарын койгон тобу; 3. Ян-густун согушу учурундагы чехтердин жарды катмарларынан түзүлгөн секта).

НИРВА'НА **нирвана** (буддизм түшүнүгү боюнча тиги дүйнө, түбөлүк тынчтык).

НОВАТИА'НЕ **новатианчылар** (III—V к. пайда болгон алгачкы христиандык секта).

НОВГОРО'ДСКО-МОСКО'ВСКАЯ Е'РЕСЬ **новгороддук - москвалык ересь** (Россияда орто кылымда, чиркөөлөрдүн жана боярлардын эзүүлөрүнө каршы пайда болгон эрестик кыймыл).

НО'ВЫЙ ЗАВЕ'Т **жаңы осуят** (библиянын бир бөлүгү: Христтин өмүр баяны диндик мүнөздө түшүндүрүлөт).



«НОМОКАНО'Н» **«номоканон»** (Византия империясынын мамлекеттик бийликтери тарабынан кабыл алынган закондор жыйнагы).

НУНЦИ'Й **нунций** (Ватикан менен дипломаттык мамилеси бар өлкөлөрдө туруучу папанын дипломаттык өкүлү).

НУСАЙРИ'ТЫ **нусайриттер** (мусулман шиит сектасын жактоочулар).

## О

«ОБЕЗЬЯ'НИЙ ПРОЦЕ'СС» **«маймыл процесси»** (1925-ж. Америка Кошмо штаттарында Дейтон шаарында мугалим Джон Скопстун үстүнөн дарвинизмдин негиздерин окуткандыгы үчүн жүргүзүлгөн сот процесси).

О'БЕР-ПРОКУРО'Р СИНО'ДА **синоддун обер-прокурору** (православие чиркөөсүнүн эң жогорку органы болгон «кереметтүү» синоддун диний сот процесстерин башкаруучусу).

ОБЛА'ТКА **облатка** (католик жана протестант чиркөөлөрүндө курмандык чалуунун формасын алмаштырган кичинекей тегерек нан).

ОБЛАЧЕ'НИЕ **облачение** (поптордун, дин кызматкерлердин диндик ырым-жырымдарды өткөрүүдөгү кийүүчү кийимдери).

ОБНОВЛЕ'НЦЫ **жаңыртуучулар** (православие чиркөөсүнүн айрым диндик талаптарын, догматтарын советтик түзүлүшкө ылайыкташтырууну талап кылган диндик секта).

ОБО' **обо** (монголдордун мазар сыяктуу сыйынуучу дөбөлөрү. Ал жерден өткөндөр ага сыйынышып таш ыргытышат же тыйын ташташат).

ОБОНО'Й ТАХИЛГА' **обоной тахилга** (монгол-ламаиттердин обо кудайына арнап өткөрүүчү майрамы).

ОБОРО'ТЕНЬ **кубулма** (диндик түшүнүк боюнча сыйкырдын таасири менен адамдардын айбанаттарга айланышы).

ОБРЕЗА'НИЕ **сүннөт, сүннөткө отургузуу** (иудаизм, ислам ж. б. диндерде эркек балдарды отургузуу ырым-жырымы).

ОБРЯ'ДЫ РЕЛИГИО'ЗНЫЕ **диндик ырым-жырымдар** (диний түшүнүктөргө байланыштуу өткөрүлүүчү ырым-жырымдар).

ОБСКУРАНТИ'ЗМ **обскурантизм** (агартууга, прогресске катуу каршылык көрсөтүүчүлүк).

ОГНЕПОКЛО'НСТВО **отко табынуучулук** (отту кудай деп, ага сыйынуучулук. к. **зороастризм, индуизм**).

О'ДИН **один** (байыркы Скандинавия элдеринде жеңиш жана добул кудайы).

ОККУЛЬТИ'ЗМ **оккультизм** (дин менен илимди айкалыштырып түшүндүрүүгө аракет кылган жалган «илимий» мистикалык агым).

ОЛИЦЕТВОРЕ'НИЕ **элестетүү** (адамдын өзгөчөлүктөрүн тышкы дүйнөгө жана кубулуштарга тиешелүү кылып мүнөздөө).

ОМОВЕ'НИЕ НОГ **бутту жуу** (Чыгыш элдеринин конокту кабыл алууда колдонуучу байыркы салты).

ОПРЕСНО'КИ опресноки (иудей дининдегилердин дыйканчылыкка байланыштуу өткөрүлүүчү майрамы).

О'ПУС ДЕ'И опус деи (католик чиркөөлөрүнүн Европа, Америка жана Африка өлкөлөрүндөгү кээ бир жаштарды диндик уюмдарга же католик динине тартууга аракет жүргүзгөн уюмдары).

